Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЭРКИН-ТОО

Жума,
2025-жылдын
10-октябры

№77 (3733)

www.erkin-too.kg

# «БОРБОР АЗИЯ – РОССИЯ» САММИТИ – КЫЗМАТТАШУУНУ ЧЫҢДООНУН АЯНТЧАСЫ



2-БЕТТЕ

## БУЛ САНДА:



### БУЛ ШАЙЛОО САЯСИЙ СООДАГЕРЛЕРГЕ ЖОЛ БЕРБЕЙТ


3-БЕТТЕ



**Максат КАМБАРОВ:**

### “БАЛДАРДЫН СКОЛИОЗУ 1 ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕ ТҮЗДӨЛҮП КЕТИШИ МҮМКҮН”

9-БЕТТЕ



**Гүлзат ТОТУБАЕВА:**

### “МИК – ЫРААТТУУ УЛУТТУК ТУРАК ЖАЙ САЯСАТЫНЫН ҮЛГҮСҮ”

13-БЕТТЕ

№77 (3733)
2025-жылдын 10-октябры

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО




# Садыр Жапаров иш сапары менен Тажикстанга барды

Президент Садыр Жапаров Эмомали Рахмондун чакыруусу боюнча кечээ Тажикстанга иш сапары менен барды. Мамлекет Башчысын Душанбе шаарынын эл аралык аэропортунан Тажикстандын Премьер-министри Кохир Расулзода жана башка расмий адамдар тосуп алышты. Сапардын жүрүшүндө "Борбор Азия – Россия" экинчи саммитине жана Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин мамлекет башчыларынын кеңешинин жыйынына катышат. Ошондой эле КМШ мейкиндигинде жана "Борбор Азия – Россия" форматында практикалык өз ара аракеттенүүгө кошумча түрткү берүүгө багытталган бир катар биргелешкен документтерди кароо жана кабыл алуу күтүлүүдө.

Президент Садыр Жапаров иш сапарынын алкагында Душанбе шаарында Президент Эмомали Рахмон менен жолугушуу өткөрүп, Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы эки тараптуу күн тартибин, ошондой эле ар кандай тармактарда мындан аркы өз ара аракеттенүү келечегин талкуулашты.

Тажикстандын Президенти Эмомали Рахмон Президент Садыр Жапаровду жылуу тосуп алып, өз ара кызматташтыктын оң динамикасын, ошондой эле өлкөлөр аймактык жана эл аралык уюмдардын алкагында тыгыз кызматташып, эл аралык аренада бири-биринин демилгелерин колдоп жатканын канааттануу менен белгиледи.

Жолугушуунун соңунда тараптар эки жактуу жана көп тараптуу форматтарда мындан аркы кызматташтыкты бекемдөө үчүн биргелешкен аракеттерди көрүүгө макулдашышты.

## БОТАНИКАЛЫК БАКТЫ ОҢДООГО КАНЧА КАРАЖАТ КЕТЕТ?

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев борбор калаадагы Э.Гареев атындагы Ботаникалык бакка барып, бактын аймагынын жана инфраструктурасынын учурдагы абалы менен таанышты. Бактын кызматкерлери жана жетекчилиги мурда аткарылган иштер, учурдагы көйгөйлөр, борбор калаанын бул уникалдуу жашыл аймагын сактоо, өнүктүрүү жана модернизациялоо үчүн зарыл болгон кечиктирилгис иш-чаралар жөнүндө толук маалымат беришти. Кароонун жыйынтыгында Э.Гареев атындагы Ботаникалык бакты толук жана комплекстүү реконструкциялоо үчүн болжол менен 340 млн сом талап кылынары аныкталды. Зарыл болгон иштерге жолдорду реставрациялоо, жөө жүргүнчүлөр зонасын көрктөндүрүү, сугаруу, суу менен камсыздоо, дренаж системаларын калыбына келтирүү жана модернизациялоо, бактардын сейрек кездешүүчү жана жоголуп бара жаткан түрлөрүнүн коллекцияларын толуктоо кирет. Адылбек Касымалиев Ботаникалык бактын маанисин өзгөчө белгилеп, бак борбор калаанын тургундары үчүн маанилүү рекреациялык зона гана болбостон, бүткүл Кыргызстан үчүн негизги илимий-изилдөө базасы болуп саналаарын белгилеп, бакты кароонун жыйынтыгы боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга бир катар тапшырмаларды берди.






## "МАНАС" АБА-МАЙДАНЫ

Президент Садыр Жапаров "Манас" эл аралык аэропортундагы реконструкциялоо жана кеңейтүүнүн жүрүшү менен таанышты. Мамлекет Башчысын "Кыргызстандын эл аралык аэропорттору" ААК башкармалыгынын төрагасы Манас Самидинов аэропорту реконструкциялоо пландары менен тааныштырды. Президент "Кыргызстан аэропортторру" ААКнын 2023-жылдан бери сатып алынган жаңы атаайын техникасы менен таанышып чыкты. Президент Садыр Жапаровго учуп-конуу тилкесиндеги бүткөрүлгөн оңдоо иштери көрсөтүлдү. Андан соң Президент авиация кызматкерлери менен жолугушту. Мамлекет Башчысы өз сөзүндө аэропорт – Кыргызстандын эл аралык кадыр-баркы, өлкөбүздүн жүзү экенин белгиледи. "Дал ушул аэропортто Кыргызстанга келген ар бир меймандын өлкөбүз тууралуу алгачкы пикири калыптанат" - деди ал. Садыр Жапаров Кыргызстанды чөлкөмдүк авиациялык борборго айлантуу максатын ишке ашыруу аркылуу Борбор Азиядагы эң өнүккөн, атаандаштыкка жөндөмдүү инновациялык тармактарынын бири боloруна бекем ишенимин билдирди.

## ЗАМАНБАП МЕДИЦИНАЛЫК МЕКЕМЕ ТҮЗҮЛӨТ



Кыргызстанда 2030-жылга чейинки улуттук программаны ишке ашыруунун алкагында өлкө боюнча медициналык инфраструктураны масштабдуу модернизациялоо пландалып жатканын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Бишкекте өткөн Саламаттыкты сактоо боюнча форумда билдирди. Эдил Байсаловдун айтымында, реформалар оорулардын алдын алуу жана дары-дармек менен камсыздоону гана эмес, бейтапканаларды, амбулатордук мекемелерди, экинчи жана үчүнчү деңгээлдеги ооруканаларды да камтыйт. "Биздин максат – бардык керектүү жабдуулар менен жабдылган заманбап, жогорку технологиялык медициналык мекемелерди түзүү. Аларда рентген, УДИ аппараттарынан тартып, томография жана заманбап хирургиялык жабдууларга чейин болушу керек" - деди Байсалов. Программанын алкагында учурда жаңы саламаттыкты сактоо мекемелеринин курулушу башталды. Республиканын бардык аймактарын камтыган медициналык инфраструктураны жаңыртуу боюнча комплекстүү план бекитүү мерчемделүүдө.

## АМАНГЕЛДИЕВДИН ОНЛАЙН ЖОЛУГУШУУСУ



Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Данияр Амангелдиев менен Европа биримдигинин санкциялар боюнча атайын өкүлү Дэвид О'Салливандын онлайн режиминде жолугушуусу болуп өттү. Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар өнөктөштүктү, саясий диалогду, соода-экономикалык, инвестициялык чөйрөлөрдөгү өз ара пайдалуу кызматташтыкты жана "жашыл" күн тартибинин алкагында кеңейтүүгө багытталгандыгын ырасташты. Бул контекстте Данияр Амангелдиев эл аралык милдеттенмелерди так сактоо менен экономикалык туруктуулукту жана эки тараптуу өз ара аракеттенүүнүн динамикасын сактоонун маанилүүлүгүн баса белгиледи. Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары жана ЕБнын атайын өкүлү ачык-айкындуулукка жана өз ара сыйлоого негизделген ачык жана конструктивдүү диалогго берилгендигин ырасташып, жакынкы аралыкта өз ара сапарларды өткөрүү боюнча макулдашышты.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ШАЙЛОО – 2025

# Добушту сатпай, татыктуу талапкерди тандайлы!



Парламент өзүн-өзү таркаткандан кийин Президент Садыр Жапаров Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону 30-ноябрга дайындаган. Учурда Борбордук шайлоо комиссиясы саясий өнөктүккө кызуу даярдык көрүп жатат. Кечээки күнгө карата шайлоого катышуу ниетин билдирген жарандардын тизмеси 100дөн ашты. Аламан жарышка ат салышууга белсенгендердин арасында Жогорку Кеңештин азыркы жана мурдагы чакырылышынын депутаттары, коомдук жана маданий ишмерлер, ырчы-чоорчулар бар. Тизме күн сайын узанууда. Элдин элегинен өтүүнү каалагандар 10-ноябрга чейин арыз тапшырса болот.

Азыркы аламан жарыштын эрежелери мурдагыларга салыштырмалуу өзгөрдү. Көп мандаттуу аймактан, тагыраагы мажоритардык шайлоо системасы менен өткөрүлүп жаткан бул шайлоодо 30 округдан 90 депутат шайланып келет. Мындайча айтканда, ар бир аймактан үчтөн эл өкүлү болот. Үч депутаттын бирөө башка жыныстан болушу керек. Тагыраагы, эки эркек, бир аял же эки аял болсо бир эркек жаран мандатка ээ болот. Бул жерде белгилей кете турган жагдай, партияларга басым жасалган учурдан бери шайлоодо аймактар эске алынбай калды деген нааразычылык эл арасында кеңири айтылып келген. Эч кимге жалган эмес, кээ бир аймактардан парламентке өкүл кирбей, чекеге сүрүлүп калган учурлар болгон. Ошол эле маалда кайсы бир аймактардан ондогон депутат шайланып, кадимкидей теңсиздик өкүм сүргөнүн көргөнбүз. Мына ошол өксүктү эске алып, бул сапар мандаттар округдарга бөлүндү. Бул аймактардагы адилеттиктин камсыздары шексиз.

Ошол эле маалда партиялар чекеге сүрүлүп калган жок, алар да катышса болот. Учурда Борбордук шайлоо комиссиясына үч партия – «Кырк ууз», «Легалайз» жана «Ынтымак» партиялары өз талапкерлерин көрсөтө тургандыгын билдирди. Мыйзамга ылайык, бул саясий партиялар эми өз курултайларын өткөрүп, ар бир округдан бирден талапкерди жашыруун добуш менен көрсөтүш керек. Ушул жерде баса белгилеп кетсек, партия өзүнүн курултайында ар бир көп мандаттуу шайлоо округунан бирден гана талапкерди жашыруун добуш берүү жолу менен көрсөтө алат. Курултайдын чечими партиянын мөөрү менен бекитилип, кол коюлуп, БШКга жөнөтүлөт. Баса, партия өз мүчөсү болуп саналбаган жаранды талапкерликке көрсөтсө болот. Бирок, ал жаран башка саясий партиялардын мүчөсү болбошу керек.

Эң башкысы, партиялык чайкоочулуктун тамыры кыркылды. Дегенибиз, акыркы жылдарда шайлоо башталары менен партия лидерлери дароо соодасын баштап, миллиондогон долларларга туйтунуп калган. Анткени, аламан жарышка катышып, элдин сынынан өтүүнү самаган талапкер адегенде партиянын катарына тизилгенге аргасыз болчу. Тизменин алдыңкы сабына чыгыш үчүн партия лидерлерине ири суммадагы акчаларды берип, жалдырап турчу. Эч кимге жашыруун эмес, алдыңкы ондук 300 миң доллардан тартып 1 миллион долларга чейин жеткен. Башкача айтканда, шайлоого аттанган талапкер "чү" деген жерден эле коррупциялык тоскоолдукка кабылып, ири сумманы төлөгөнгө мажбур болчу. Бул өтө жаман көрүнүшкө айланып, партлидерлер сүткорлукка берилип кеткен.

Жакында белгилүү саясатчы Адахан Мадумаров партия лидерлеринин жемкорлугуна айланган ошол системаны эңсеген маек берип, бүгүнкү шайлоо эрежесин сындамыш этиптир. Ооба, ал система Мадумаров өңдүү партия жетекчилерине өтө пайдалуу болчу. Шайлоо сайын тизменин алдыңкы катарын сатып, бир заматта миллиондогон каражатка ээ болуп, бизнес кылышкан. Чоң акчаларды берип алдына тизилип алгандар шайлоо маалында үйүндө жатып же чет өлкөдө сайрандап жүрүп мандат алган. Муну катардагы партиянын мүчөлөрү адилетсиздик экенин айтып, каршы чыккан учурлары көп эле болду. Акчасын төлөй албай партиядан куулгандарды да көрдүк. Беш жыл мурунку шайлоону эле карасак, так ушул Адахан Мадумаров партиянын тизмесинде турган Турсунбай Бакир уулунан 200 миң доллар доолап, акчасын төлөй албай койгондо чыгарып салган.

Ал жагымсыз илдет эми жок болду. Азыркы шайлоо системасында саясий соодагерлердин бизнес кылуусуна жол берилбейт. Партиянын атынан катышкан талапкерлер дагы тизменин алдыңкы сабына туруугa муктаж эмес. Каалаcа тилемчилик кылган партиянын эшигин тарс жаап чыгып, өзү арыз жазып, шайлоого катыша берет. Айтор, партиянын лидерлери орундарды сатып, акча жасаган доор артта калды, талкаланды. Азыркы катышуу укугу бардыгына тең, бирдей жана эч кимден көз каранды эмес. Талапкерлер үчүн бирдей шарт түзүлдү.

Ошого катар шайлоо системасынын баары автоматташтырылды. Элдин баары шайлоого катышуусу үчүн аралыктан добуш берүү уюштурулуп жатат. Мурда катталган дарегиң айылда болуп, бирок шайлоо күнү облус борборуна же Бишкекке келип калсаң добуш бере алчу эмессиң. Негизи эле шаарда жашагандардын көпчүлүгүнүн каттоосу айылда экени жашыруун эмес, шайлоо күнү добуш бере албай келген. Азыр эми каалаган жериңде жүрүп өзүң катталган аймактын бюллетенин алып, добуш берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Берген добушуң дароо өзүңдүн райондо коюп жаткан талапкердин эсебине кошулат. Ал жерге адам фактору аралашпайт.

Мындан сырткары, административдик ресурс деген такыр болбойт. 2020-жылдан бери эле административдик ресурс деген жок болгон. Мамлекеттик кызматкер аралашкан бир да факты болгон эмес. Бирок, ага кошумча Мамлекет башчысы айыл өкмөттөн баштап Министрлер Кабинетинин Төрагасына чейинки ар бир мамлекеттик кызматкерге, мугалимдерге, дарыгерлерге кайрылып, шайлоого аралашпагыла деп катуу эскертти. Кимде ким аралашкан болсо, "кызматтан кетип эле тим калбайт, катуу жазасын алат" деди. Бул – ар бирине кагылган коңгуроо. Бир дагы чиновник кылтыңдап, кайсы бир талапкерге үгүт жүргүзө албайт.

Эми бир гана чечүүчү маселе өзүбүздө калды. Добушту сатпай, мамлекеттин эртеңки келечеги үчүн татыктуу талапкерди тандаганды үйрөнүшүбүз керек. "Жол, мектеп, бала бакча салып берем" депооз көптүргөндөргө да алданбашыбыз керек. Себеби, депутаттын милдети бөлөк, алар эч нерсе куруп бербейт. Депутат мыйзам жазат, анын аткарылышын көзөмөлдөйт, эл менен бийликтин ортосуна көпүрө болуп берет. Аймактардагы көйгөйлөр болсо бийликке жеткирип, анын чечилишине кам көрөт. Андыктан алдыдагы шайлоодо татыктуу адамдарды колдоп, өнүгүүгө багыт алган мамлекетибиздин оорун колдон, жеңилин жерден алганга көмөктөшөлү.

**Зулпукаар САПАНОВ**

БШК БИЛДИРДИ

# Үгүт иштери 10-ноябрда башталат




Жогорку Кеңештин депутаттары 25-сентябрда парламентти кезексиз таркатуу тууралуу демилгечи топтун сунушун колдоп, өзүн-өзү таркаткан. Андан кийин Президент жарлыгын чыгарып, шайлоо күнүн 30-ноябрга белгилеген. Шейшембиде БШК төрагасы Тынчтык Шайназаров 2025-жылдын 30-ноябрына белгиленген Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча маалымат жыйын өткөрдү.

БШК төрагасы шайлоого даярдыктын жүрүшү тууралуу кыскача маалымат берип, шайлоо мыйзамдарындагы жаңы нормаларга кеңири токтолуп, журналисттердин суроолоруна жооп берди. Т.Шайназаров белгилегендей, алдыдагы шайлоо Президентти жана парламентти шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык жаңы система менен өтөт. Өлкө 30 округга бөлүнүп, ар бир округдан парламентке үчтөн депутат шайланат.

Шайлоочулар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында шайлоодо аралыктан добуш берүү ыкмасы колдонулат. "Айрымдар аралыктан добуш берүүнү электрондук добуш берүү менен чаташтырып жатышат. Дагы бир жолу баса белгилеп кетейин: биздин өлкөдө электрондук добуш берүү жок, бул келечектин иши. Аралыктан добуш берүүнүн электрондук добуш берүүдөн айырмасы - шайлоочунун шайлоо участогуна өзү жеке келип катышуусу талап кылынат. Шайлоочулардын тизмесинде катталган жаран эч кандай бюрократиялык тосколдуксуз каалаган шайлоо участогунда добуш бере алат" - деди Шайназаров.

Аралыктан добуш берүүнүн маани-маңызын түшүндүрүп жатып, ал негизги максат – жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу экенин белгиледи. Ошондой эле аралыктан добуш берүүнү колдонуу шайлоочулардын добуш берүүгө катышуусун жогорулатууга түрткү болоору күтүлүүдө. Шайлоочулар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында шайлоо участкалары аэропорттордо, ири базарларда, соода борборлорунда, ооруканаларда, аскер бөлүктөрүндө жана башка жерлерде ачылат. Бул багытта учурда жергиликтүү бийлик органдары менен иш алып барылып, алар шайлоо участкаларын ачууга ылайыктуу жайларды сунуштап жатышат.

Айрым жарандардын үгүт иштерин жүргүзүп баштагандыгы канчалык мыйзамдуу деген суроого жооп берип жатып Шайназаров үгүт иштери расмий түрдө 2025-жылдын 10-ноябрында башталарын эскертти. "Азыр шайлоого катышуу ниетин билдирген айрым жарандар үгүт жүргүзүп жатышат, бул мыйзамсыз. Биринчиден, алар депутаттыкка талапкер катары каттала элек. Экинчиден, үгүт иштери расмий түрдө 10-ноябрда гана башталат. Азырынча биз оозеки эскертүү берип жатабыз, мындан ары мыйзам чегинде чаралар көрүлөт" деп баса белгиледи БШК төрагасы.

Шайназаров чет өлкөлөрдө 59 шайлоо участогу бар экенин айтып, кошумча дагы 41 шайлоо участогун ачуу сунушталып жатканын билдирди. Ошентип, жалпысынан 34 мамлекетте, 89 шаарда 100 шайлоо участогун түзүү пландалууда. Белгилей кетсек, ушул жылдын 10-20-жана 30-октябрында республикадагы бардык шайлоо тилкелеринде жана Россия Федерациясынын беш шаарында – Москва, Новосибирск, Красноярск, Екатеринбург жана Иркутскиде тесттик добуш берүү өтөт. Ага каалоочулардын бардыгы катыша алышат.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

ЭЛДИК КУРУЛТАЙ

# Курултайда сунуш да, сын да айтылат



***Жакында Президент Садыр Жапаров "Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыкка кол койду. Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо боюнча убактылуу жобо бекитилди.***

Делегаттар «Элдик Курулутай жөнүндө» конституциялык мыйзамга ылайык шайланат. Негизинен Курултай эл менен бийликтин ортосундагы таяныч көпүрө десек болот. Анткени Курултайда көтөрүлгөн көйгөйлөрдү бийлик өкүлдөрү угуп, маселелердин чечилүүсү эртелээри анык. Эл Курултайда бийликке сунуш да, сын да айтаары белгилүү.

Мисалы, былтыр 2024-жылы үчүнчү Элдик Курултай 20-декабрда өткөн. Ага 698 делегат катышкан. Бул жыйында Кыргызстандын аймактарындагы социалдык объектилерге байланышкан маселелер, адилеттүү сот системасын түзүү, таза суу, сугат суу, мектеп, бала бакча, жер тилкелери боюнча көйгөйлөр айтылып, Президент бул маселелер мамлекеттин көңүл чордонунда экенин баса белгилеген. Андан кийин Курултайда айтылган көйгөйлөрдү тиешелүү мамлекеттик мекемелер чечүү, аткаруу иштерин башташкан. Маселен, 2022-жылы өлкөбүздө өткөн Курултайда Жалал-Абад электр тармактар ишканасына тиешелүү 22 маселе көтөрүлгөн болсо, анын 18и толугу менен аткарылган. Тагыраагы Курултайда Базар-Коргон районунун Бешик-Жон айылынын тургуну Айтбай Төлөнбаев жаңы конуштарды электр жарыгы менен камсыз кылуу маселесин көтөргөн. Көйгөйлөр чечилип, темир-бетон мамычалар орнотулуп, аба чубалгылар тартылган.

Ал эми айрым делегаттар Курултайда Бишкектеги жер участокторун мыйзамдаштыруу жана мыйзамсыз курулуштар боюнча маселе көтөргөн. Бул боюнча 6829 материал тиешелүү мамлекеттик мекемелерге корутундусу иштеп чыгууга жөнөтүлгөн. Мына ушул өңдүү маселелер оң жагына чечилүүсү зарыл.

### Тарыхчы Байболот АБЫТОВ: "КУРУЛТАЙ – ЭЛ МЕНЕН БИЙЛИК ОРТОСУНА КӨПҮРӨ"

Элдик Курултай расмий бийлик менен элдин ортосундагы көпүрө. Бул жөрөлгөнүн башталышы 2022-жылы Президент Садыр Жапаровдун катышуусунда өткөрүлгөн. Быйыл декабрь айында IV Элдик Курултайды өткөрүү белгиленди. Бул иш-чаранын коомдун өнүгүүсүнө байланышкан маселелерди чечүүдө орду чоң. Чынында Элдик Курултайдын арты менен элдин бир нече маселелери чечилүүдө. Бул аянтчада элдин үнүн Мамлекет башчысы түз угат. Өлкөбүздө өнүгүүлөр арбын. Башкысы коррупция менен күрөш тынымсыз жана адилет жүрүп, тааныш-билишти жумушка коюу, пара берүү деген нерселер жок болду. Азыр элдин бийликке болгон ишеними жогорулады. Өлкөдө эмне деген иштер жасалып жатат. Бишкектин узак жылдардан бери жасалбай келген ички жолдору чекесинен оңдолуп, жаркырап колдонууга берилүүдө. Дээрлик бардык аймактарда жаңы социалдык объектилердин курулушу байма-бай жүрүүдө.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

КИТЕПТИН БЕТ АЧАРЫ

# УЛУТ ДЕМИ – УҢГУ ЖОЛ




"Улут деми-Уңгу – жол" (тандалган сөздөр) аталышындагы Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун китебинин бет ачары Улуттук илимдер академиясынын чоң конференц залында өттү.

Ага Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысы Марат Иманкулов, илимпоз-окумуштуулар, коомчулуктун өкүлдөрү, массалык маалымат каражаттарынын журналисттери катышты. Китепке Садыр Нургожоевич Жапаровдун Кыргыз Республикасынын Прездентинин кызматына киришүү аземинде сүйлөгөн сөзүнөн тартып, андан берки эл аралык алкакта, жалпы улуттук иш-чараларда, өлкөнүн өнүгүүсүнүн урунттуу учурларында, курултайларда, эл аралык жана ички ири долбоорлорду баштоодо, элге эмгеги сиңген мамлекеттик жана коомдук ишмерлерди эскерүүгө арналган жыйындарда сүйлөгөн сөздөрүнүн тандалмалары киргизилген.

Китептин аталышындагы УЛУТ ДЕМИ – ата бабаларыбыздан калган тарыхыбызды, нарк-насилибизди, каада-салттарыбызды унутпай, аздектеп сактап, улуттук баалуулуктарыбызды бекемдеп, өркүндөтүп, өнүктүрүү деген маанини камтыса, УҢГУ ЖОЛ – өткөн тарыхыбыздан өзөк алган ыңгайлуу жол, коопсуз жол, Президентибиздин келечекке багыттаган өнүгүү жолу деп түшүндүм. Ошентип, өткөн тарыхыбыз менен өнүгүүгө карай багыт алган максаттарыбызды синтездеп, бир бүтүнгө камтыган китеп болуптур.

Албетте, китептин түзүүчүлөрүнүн эмгегин айтпай кетүүгө болбойт. Китепти Президенттин кеңешчиси Арслан Капай уулу Койчиев, "Кыргыз Туусу" гезитинин башкы редактору Алмаз Кулматов, Президенттик Администрациянын кызматкери Нурбек Асаналы уулу түзүп чыккан. Чынын айтканда жоопкерчилиги чоң бул ишти моюнга алуу өзүнчө эле эрдик. Китеп чыгаруунун түйшүгү да билген кишиге оңой эмес.

Атап айтканда аурасы (жүзү), жасалгасы адамдын табитин таба турган, өзүнө тартып турган жарык жүз китеп болуптур. Китепти ачканда эле:

*"Ала-Тоо ыйык жер үчүн,*
*Ак калпак кыргыз эл үчүн,*
*Аманат жаным садага.."*
*("Манас" эпосунан)* деп башталат.

Бул албетте, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич Жапаровдун аруу максат, ак тилеги. Ошондой эле болуп атат. Китепте да өткөн жылдардын хронологиясы көрүнүп турат. Президент эмнелерди айтты эле, алар кандай аткарылды, эмне деген ийгиликтер жаралды.

Өткөн 4 жылдагы урунттуу окуялар камтылган бул китептин чыгышы бүгүн жаңылык, эртең тарых. Андыктан "Улут деми – Уңгу жол" китебинин нускасын көбөйтүп, өлкөдөгү бардык китепканаларга, мамлекеттик органдарга таркатып берүү керек. Анткени, бул китепте саясий-экономикалык, маданий-гуманитардык милдеттер, алдыга коюлган олуттуу максаттар чагылдырылган. Албетте, Президенттин сүйлөгөн сөздөрүн көпчүлүк эл теледен көрүп, радиодон угуп, башка маалымат каражаттарынан таанышып, кабардар болуп келгени чындык. Бирок, ал убактылуу. Учурунда эстелип, бара-бара эстен чыга баштайт. Улам кийинкиси менен алмашып кетет. Ошондуктан улам барактап, керектүүсүн эске салып, ошого жараша милдет-максаттарды аныктап алып турганга, улам жаңылап карап турганга китеп жакшы. Бул жагынан караганда да китепти түзгөн инсандардын кылган эмгеги түбөлүктүү эмгек болуптур.

Бет ачарда чыгып сүйлөгөн Мамлекеттик катчы М.Иманкулов, экс премьер-министр А.Муралиев, академик Ч.Арабаев жана башкалар да китептин мазмуну, анда камтылган ойлор, аткарылган иштер, учурдагы экономикалык өнүгүү тууралуу ойлорун ортого салышты.

**Курманбек РЫСПАЕВ**

СУНУШ



# Элибиздин жүрөгүнөн түнөк тапкан "Кыргыз жери"

Учурда жаңы гимндин сөзүн, обонун жазуу боюнча сынак жарыяланып, анын маани-мазмунун тескей турган атайын комиссия тердеп-кургап иштеп жатышат. Сынактын эки туру өтсө да комиссиянын купулуна толорлук гимндин варианты колго илинбей жатат окшойт. Бирок, Кыргыз Республикасынын Баатыры, акын, маркум Түмөнбай Байзаковдун "Кыргыз жери" аттуу ырына бул жалгандан эрте өтүп кеткен Апаз Жайнаковдун чыгарган обону элибиздин жүрөгүнөн түнөк таап, ушул күнгө чейин ырдалып келет. Менин жеке баамымда ошол ыр гимнге татыктуу болот деп эсептейм. Менин бул сунуш-пикиримди турпатындагы каны "кыргызмын" деп дүргүгөн ар бир кыргызстандык колдоого алышына ишенем. Бул сунушума улай, "Кыргыз жери" ырынын толук текстинин жарыяланышын туура көрүп турамын. Анткени, "миң уккандан, бир көргөн жакшы" дегендей аны окуган жаш-кары, окумуштуулар, акындар кабыргасы менен кеңешет деген үмүттөмүн. Балким, Президентибиздин көз ырына чалдыгып калышы ажеп эмес. Калганын атпай журттун назарына салала.

***Кадырали Сатимов, ардагер калемгер***

### КЫРГЫЗ ЖЕРИ

***Сөзү: Түмөнбай Байзаковдуку***
***Обону Апаз Жайнаковдуку***

*Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,*
*Аскасы көк асманга тийген кезде.*
*Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,*
*Кучактайм ой-кырларын нурга кошо.*

*Улуусуң, кыргыз жери, нурдан бүткөн,*
*Сулуусуң, кыргыз жери, ырдан бүткөн.*
*Ысык-Көл жердин көркү, кырлар кашы,*
*Адырлар көкүрөгү, токой чачы.*

*Дайралар кан тамыры, чоку таажы,*
*Седеби, топчулары, ар бир ташы.*
*Кең жүздүү, гүл денелүү кыргыз жери,*
*Күн жүздүү, берекелүү кыргыз жери.*

*Жылдыздар көк бетинен өчкөн кезде,*
*Жарык нур жер жамалын өпкөн кезде.*
*Көл чалкып, тоолор койнун ачкан кезде,*
*Дил жаркып, таң күлкүсүн чачкан кезде.*
*Көркүңө көрк кошулат, кыргыз жери,*
*Сезилет ата-энелик мээримдери.*

УЧУР МАЕГИ...

***2020-жылдагы октябрь окуяларына быйыл 5 жыл толду. Баарыбыз билгендей, ал күнү үчүнчү элдик толкун болуп, Сооронбай Жээнбеков бийликтен шыпырылган. Түп көтөрүлө чыккан калайыктын назары Садыр Жапаровго бурулуп, жапатырмак колдогонуна күбө болгон элек. Бул маанилүү окуяны утурлай Өлкө башчысы маек куруп, өзүнүн оюу менен бөлүштү.***



# КАРЫЗДЫ ТӨЛӨӨДӨ КОРКУНУЧ ЖОК

Биздин билгенибиз, 6-октябрда "Достук" мейманканасында депутаттар Садыр Жапаровду премьер-министр кылып шайлашкан. Бирок, топторго жиктелген саясий күчтөр аны моюндабай, ар кимиси өз көмөчүнө күл тартып, өлкөдөгү башаламандык күчөтүүгө аракеттенишкен. Мамлекет башчысы "Кабар" агенттигине берген маегинде тарыхта калган окуялар боюнча мемуар жазып, "Саясаттагы 10 жыл" аттуу китебинин уландысын чыгара турганын билдирди. Анда түрмөдөгү үч жарым жылдык жашоосу камтылган "Бестселлер" болорун да кошумчалады. Өз сөзүндө камактан чыккандагы учурларды, талап-тоноолорду кантип токтоткону, ошол кездеги президент Сооронбай Жээнбеков менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөнү, өз командасын топтогону, стабилдүүлүктү калыбына келтирип, экономиканы жолго койгону, экс-президенттер менен болгон жолугушуу ж.б. тууралуу учкай кеп кылды. Эң кызыгы, 2010-жылдан кийинки башаламан башкарууда мамлекеттик кызматтар соодага айланганын белгилеп, карыздарды айтып, 2035-жылга чейин мурдагы кредиттерди толук төлөп бүтүрө турганыбызды билдирген.

"2007-жылдан берки парламенттик башкаруу деген системасы мамлекетти чачыратып, жок кылайын деп калды эле. Бийлик бутактары мурда эле коррупцияга батып калган. 2010-жылы парламенттик башкаруу деген немеси парламентти да баш-оту менен коррупцияга тыкты. Ошону менен бүткүл өлкө коррупцияга батып, "ботко" болуп эле жатып калдык. Ал мезгилди өз көзүм менен көрүп, өзүм аралашып жүрдүм. "Ата журт" партиясы менен парламентке келгенбиз. Ар бир мамлекеттик кызматты базарда соодалашкандай эле сатып калганбыз да. Себеби, башкаруу системасы ошондой болуп калган. Ошол система 2020-жылга чейин уланды. Эгер 2020-жылы бийлик алмашпаганда бүгүн, Кыргызстан өз алдынча мамлекет катары бар болот беле же жок болот беле – бир Кудай өзү билет. Бюджеттин дефицити 30 миллиарддан ашык, пандемия убагында алынган 350 млн доллар карыз менен дефициттин жарымын жапса, жарымын социалдык төлөмдөргө жумшап салышкан.

Кредит алып эмгек акы, пенсия-пособия тараткан мамлекет – бул чачырап бара жаткан мамлекет деп айтсак болот.

Үчүнчү кадам экономиканы көтөрүш керек эле. Мына бүгүн, Кудайга шүгүр, экономикабыз өсүү темпи менен бара жатат. Мурда кайыр сурап, грант сурап эле жүргөн мамлекет болсок, эми эч кимден грант сурабайбыз. Акыркы 5 жылда эч бир өлкөдөн грант сураган жокпуз. Албетте, алынып жаткан кредиттер бар. Бирок ар бир кредит коммерциялык долбоорлорго даректүү жумшалып жатат. Келечекте ар бир долбоор өзүн-өзү актайт, бюджетке эч кандай оорчулук келтирбейт. Мурдагы кередиттер кумга сиңген суудай эле болуп кетиптир. Мына азыр, аларды төлөөчү мезгил келди. Төлөп жатабыз. 2035-жылга чейин мурдагы кредиттерди толук төлөп бүтөбүз. Азыркы алынып жаткан кредиттерди же тышкы карыздарды дейбизби, кийин убактысы келгенде, ар бир долбоор өзү жабат. Бюджеттен төлөнбөйт. Ошондуктан, тышкы карызыбыз баланча болуп кетти деп элдин башын айлантып жаткандарга кошулбагыла" деди Президент.

Карыз демекчи, айрым учурда жалган маалыматтар менен элдин нааразычылыгын жаратууга, пикирин терс мүнөзгө бурууга аракет кылгандар чыга калууда. Жакында эле сыртта качып жүргөн жазмакерлер Кыргызстандын тышкы карызы боюнча кезектеги чалмакейди чалып, баланча миллиардга чыгып кетти деген азан чакырышты. Экономикалык маалыматы аз адамдар аларды угуп отуруп, чын эле карызга батып калган турбайбызбы деп ойлоп калышы мүмкүн. Антткени, сырттагы өлкөлөрдөн таратылган маалыматтарда мамлекеттин тышкы карызы ар бир президенттин тушунда канча өскөнү салыштырылган. Ошол эле маалда ал кездеги бюджеттин көлөмүн жарыялаган эмес.

Мисалы, 2011–2017-жылдары мамлекеттин тышкы карызы 4,5 млрд, 2017–2020-жылдары 4,92 млрд доллар деп көрсөткөн. Бирок, ал кезде мамлекеттин бюджети болгону 248 млрд сом болчу. Ал жылдары тышкы карыз ички дүң продукциянын 59-68%ын түзгөн. Эске түйүп коёлук, тышкы карыз өлкөнүн бюджети жана ички дүң продукциясы менен салыштырылат. Азыр мамлекетибиздин консолидацияланган бюджети 1 триллиондон ашты. Ички дүң продукция да тез өсүүдө. 2020-жылы 601 миллиард сом болсо, 2025-жылы 1 триллион 780 миллиард сомго жетет. Мурда өсүш 3-4% болсо, акыркы жылдары 9-11%га чыкты. Демек, карыздын көлөмү чоң көрүнгөнү менен, азыркы экономикалык мүмкүнчүлүк үчүн ал коркунучтуу эмес. Мамлекеттик карыз ИДПга карата 2005-жылы 84 пайыз, 2020-жылы 68 пайыз болсо, 2025-жылы 41 пайыз. Бул карызды башкарууда коркунуч жок экенин билдирет. Эң башкысы – мурда алынган карыздар айлык, пенсияга кетсе, азыр инвестициялык киреше алып келүү долбоорлорго жумшалып жатат. Алар мамлекетке пайда алып келип, экономикага түздөн-түз салым кошууда. Кыргызстандын экономикасы туруктуу өсүүдө, бюджет жана ИДП бир нече эсеге көбөйдү. Кыскасы, мамлекеттик карыз азыркы шартта коркунуч жаратпайт.

Баарыбыз күбө болгондой Кыргызстан эгемендик алгандан бери алынган карыздардын эң көп бөлүгүн эми төлөп жатат. Элди, жерди, мекенди ойлобогон жетекчилер өзүнүн тегерегиндеги жемкорлор менен биригип алып, 30 жылдык тарыхта мамлекетти олчойгон карызга батырып кетишкен. Мойнубузга илинген карызды төлөө үчүн бүгүнкү күндө миллиарддаган каражаттар сыртка карай агууда. Мындайча айтканда, мурдагы президенттер алган карызды азыркы президент төлөп жатат. Маселен, 2022-жылы 33,6 млрд сом, 2023-жылы 48,6 млрд сом, 2024-жылы 64,7 млрд сом төлөгөнбүз. Быйыл 75,1 млрд сом төлөйбүз. Бул оңдогондой чоң каражаттар.

Мамлекеттик карыздын азыркы шартта коркунуч жаратпагандыгынын дагы фактору алтын запасында. Бүгүн Улуттук банкта 60 тоннага жакын алтын запасыбыз топтолду. Бул көрсөткүч 2020-жылы 16 тонна болчу. "Кумтөрдөн" казылган алтын жана андан түшкөн киреше дагы өстү.

Мисалы, Аскар Акаевдин (1997–2005) маалында 157,7 тонна алтын казылып, 1 млрд 620 млн доллар киреше тапкан. Анын баары чет элдик компанияга кеткен. Биздин өлкөгө 1 тыйын да калган эмес. Курманбек Бакиевдин (2005–2010) маалында 68 тонна алтын казылып, 1 млрд 416 млн доллар киреше тапкан. Биздин өлкөгө 1 тыйын да калган эмес. Роза Отунбаеванын (2010–2011) мезгилинде 17,7 тонна алтын казылып, 703 млн 752 миң доллар киреше тапкан. Көбү чет элдик компанияга кетип, биздин өлкөгө болгону 34,4 млн доллар калган. Алмазбек Атамбаевдин (2011–2017) тушунда 97,6 тонна алтын казылып, 5 млрд 195 млн доллар киреше тапкан. Негизги бөлүгү чет элдик компанияга кетип, Кыргызстанга болгону 43,5 млн доллар берилген. Сооронбай Жээнбековдун (2017–2020) маалында 70,4 тонна алтын казылып, жалпы кирешеси 3 млрд 141 млн доллар болгон. Анын көбү чет элдик компанияга кетип, бизге болгону 23,7 млн берилген.

Садыр Жапаров бийликке келгенден кийин, төрт жылдын аралыгында (2021–2025) 57,9 тонна алтын казылып, Кыргызстанга жалпы 3 млрд 445 млн доллар киреше кирген. 441 млн доллар дивиденд үчүн берилген. Кыскача айтканда, казылган алтындын толук кирешеси биздин өлкөдө калды.

Көзүбүзгө тартылып тургандай, "Кумтөр" кенинен казылган алтындар, түшкөн кирешелер мурдагы жетекчилердин тушунда бүт бойдон чет элдик компанияга кетип турган. Алар өлкөнүн кызыкчылыгына каршы иштеп, элдин байлыгын көз көрүнөө чет өлкөлүк шылуундарга тонотушкан. Башкасын мындай коюп, экс-президенттерди так ушул чыккынчылыгы үчүн эле өмүр бою соттоп, жазага тартса аздык кылат.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

АБАЛ ЖАКШЫРАБЫ?

# ӨКМӨТТӨ КҮЙҮҮЧҮ МАЙДЫН БААСЫ ТАЛКУУЛАНДЫ



***Эсиңерде болсо, буга чейин өлкөдөгү күйүүчү майга болгон баанын ыксыз учушу боюнча материал жарыялаган элек. Кыргызстандыктарды убайымга салып жаткан бул курч көйгөй аз күн мурун өкмөттө да талкууланганы маалым болду.***

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев өлкөнүн ички рыногун мунай менен камсыздоо маселелери боюнча кеңешме өткөрүп, анда мунайды ташып келүү, логистика жана резервдин көлөмү талкууланган. Жыйында жеткирүүлөрдүн туруктуулугуна, ички рынокто тартыштыкты алдын алууга жана күйүүчү-майлоочу материалдарга баанын негизсиз өсүшүнө жол бербөөгө өзгөчө көңүл бурулуп, бааны аныктоого көзөмөлдү күчөтүү боюнча тапшырма берилди.

Ушу тапта өлкөдө күн сайын күйүүчү майдын баасы кымбаттоодо. "Кылт эткен" кыймылдын баары күйүүчү майга байланган мындай шартта мунун кесепети элди барган сайын кыйла убайымга салууда. Өлкөдөгү түзүлгөн мындай кырдаалга жогорку жетекчилик да тынчсызданып, алдыда Россиядан алып келинүү күйүүчү майдын көлөмүн көбөйтүүнү пландап жатышат. Энергетика министринин орун басары Насипбек Керимов улуттук каналга берген маегинде Кыргызстан Россиядан бажы төлөмүсүз алып келинүүчү күйүүчү майдын көлөмүн көбөйтүүгө ниеттенип жатканын жашырган жок. Өзгөчө 2025-жылдын аягына чейин Кыргызстан дизелди 100 миң тоннага көбөйтүүнү, ошондой эле авиакеросин боюнча квотаны 60 миң тоннага жогорулатууну көздөп жатышканын кабарлады. Ал бул маселеде эки өлкөнүн тиешелүү ведомстволору алдын ала макулдашууга жетишкенин, эми Оруссия өкмөтүнүн макулдугу күтүлүп жатканын шардана кылды. Аныкында Кыргызстан жыл сайын Россиядан 1,2 миллион тонна күйүүчү майды бажы төлөмүсүз алып келет.

Буга чейин өкмөт өлкөдөн мунай жана мунай продуктуларын экспорттоого тыюу салган. Акыркы убактагы күйүүчү майга болгон кескин кымбаттоодон улам автоунаа ээлери "эмне үчүн Казакстандан арзан май сатып алганга болбойт?" – деген суроону кабыргасынан коюшууда. Маселен, Кыргызстанда АИ-92 маркасындагы бензиндин чекене баасы орточо 72-74 сом болсо, Казакстанда 40 сом. Бул айырмачылык Казакстанда күйүүчү майга бюджеттик компенсациялардын берилиши менен байланыштуу. Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын жетекчиси Жээналы Орозбаев Кыргызстан эмне себептен Казакстандын арзан күйүүчү майын сатып албай турганын мындай кеби менен жүйөлөштүрөт: "Казакстанда ички рынок үчүн баа төмөн коюлган. Бирок, экспорттук баасы таптакыр башкача, Россиядан да кымбат. Ошондуктан экономикалык жактан алып караганда, биз үчүн күйүүчү майды Россиядан сатып алуу пайдалуураак".

Ошентсе да бүгүн жол жээгинде Казакстандан аткезчилик жол менен май алып келип саткандардын аягы тиешелүү кызматтардын атайын рейд уюштурганына карабай тыйылбай келет. Мындай майлардын баасы май куюучу жайлардагы баалардан кыйла арзандыгы менен айырмалануууда. Өкмөт бул маселеге батыл киришип жаткан соң күйүүчү майга болгон баа саясаты жакынкы айларда туруктаашарын күтсөк болот.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО




### Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин директору Азамат ЮСУПОВ:

# ДИН МЫЙЗАМЫ – ЫРААТТУУЛУКТУ КАМСЫЗДАЙТ

**– Азамат Маматович, жакындан тарта сиз жетектеген мекеме Президенттин алдындагы жаңы агенттик болуп түзүлдү. Мындан улам кандай өзгөрүүлөр орун алды?**

– Биздин мекеме буга чейин Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия болуп аталып, өлкөдө дин жаатындагы иштерге жооптуу болчубуз. Жакындан тарта КРнын Президентине караштуу "Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттик" болуп түзүлдүк. Анын алкагында агенттиктин курамында этностор аралык мамилелер боюнча жаңы башкармалык түзүлдү. Негизинен иш функциябыз жана жоопкерчилик кеңейди. Кыргызстан көп улуттуу өлкө. Мындан ары этностор аралык, диний, маданий байланыштар боюнча иштер камтылат.

**– Сентябрь айынын баш ченинде Бишкекте түрк тилдүү мамлекеттердин муфтийлери жолугушту. Бул жолугушууда кандай маселелер көтөрүлдү?**

– Бишкекте өткөн Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө мамлекеттердин Муфтийлеринин саммитин өткөрүү, ага даярдык көрүү иштери толугу менен Президент Садыр Жапаровдун колдоосу менен ишке ашты. Түрк тилдүү өлкөлөрдөн келген дин ишмерлерин Мамлекет башчысы Садыр Жапаров өзү кабыл алып, дин жаатындагы маселелер боюнча пикир алмашты. Бул кадамдар мамлекеттин дин саясатына мамилесин, колдоосун айгинелеп турат. Ал эми саммиттин алкагында түрк тилдүү өлкөлөр ортосундагы бирдиктүү фатвалар, диний чечимдерди кабыл алуу өңдүү маселелер каралды. Аны менен катар бул жолугушууда диний радикализмдин алдын алуу көйгөйлөрү да талкууланды.

**– Мындан 9 ай мурда Президент Садыр Жапаров дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө мыйзамга кол койгон. Бул мыйзам күчүнө киргенден кийин эмнелер өзгөрдү?**

– Негизинен соңку 30 жылдан бери мамлекеттен диний чөйрөгө жетиштүү көңүл бурулбай келгенин моюндасак болот. Анын кесепети бир катар маселелерди ачыкка чыгарган. Мындан улам дин жаатындагы мыйзамдык базаны жаңылоо, бекемдөө аракеттери башталган. Ошол эле, диний билим берүүдөгү көйгөйлөр, диний ишмердүүлүк жүргүзүүнү тартипке салуу үчүн жаңы мыйзамдар менен толуктоолорго муктаждык бар болчу. Анын алкагында 2025-жылдын 21-январында "Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө" мыйзам кабыл алынды. Мыйзам VI глава, 40 беренеден турат. Мыйзам күчүнө киргенден баштап диний бирикмелер, диний билим берүү, диний уюмдарды каттоо иштерине өзгөрүүлөр кирди. Ушу тапта өлкөдөгү диний багыттагы билим берүү жайлары, уюмдар аталган жаңы мыйзамдардын талаптарына ылайык өздөрүнүн жоболорун иштеп чыгууда. Негизинен кызмат көрсөтүүлөрдү толугу менен жөнөкөйлөштүрүү жана бюрократиядан арылтуу башкы максаттардан болуп эсептелет. Мисалы, мурда бир мечитти каттоо үчүн 200 кишинин колу чогултулчу. Азыр тиешелүү эки мамлекеттик мекеменин документ кагаздары менен каттоодон өтөт. Жаңы мыйзам диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын ырааттуулугун камсыз кылат.

**– Даабат айтуу эрежелери жана бетин толугу менен жапкан кийимдер боюнча маселелер кандай чечилди?**

– Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө мыйзамда үйлөрдүн эшигин каккылап, дин маселелерин айтууга тыюу салынды. Бул бардык конфессияларга, диний бирикмелерге тиешелүү болуп эсептелет. Маалымат жеткирүү, даабат айтуунун өзүнө тыюу салынган жок. Элге маалымат жеткирүүнүн көп түрлөрү бар. Мисалы, көчөлөрдө, сейил бак, эл топтолгон жерлерден жарандарды мечитке чакыруу, баяндарды угууга үндөө, дин тууралуу маалыматтарды айтууга чектөө киргизилген жок. Ал эми даабатка кимдер чыгаары, бардык эрежелери муфтият, Аалымдар кеңеши, мечит имамдары менен бирге чечилет. Ошону менен катар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, диний кийимдерди колдонуу укугу корголгон. Коомдук жайларда жана билим берүү мекемелеринде бетин толугу менен жаап, адамдын өздүгүн аныктоого мүмкүнчүлүк бербеген кийимдерди кийүүгө мыйзам чектөө коет. Коомдук жайларда бетин толугу менен чүмкөп алгандарга атайын айып пул да каралды. Бул чектөөлөр коомдук тартипти, коопсуздукту, адам укуктарын сактоого багытталат.

**– Мындан 3 жыл мурда Президент маркумду акыркы сапарга узатуу, той-аш, мааракелердеги ысырапкорчулукка бөгөт коюуга арналган Жарлык чыгарган. Анын алкагында кандай иштер аткарылууда, чынында эле ысырап азайганы байкалдыбы?**

– Салыштырмалуу ысырапкорчулук азайганын белгилөөгө болот. 2022-жылдын 24-февралында Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгы чыккан. Муфтият сөөк коюуга байланыштуу фатва чыгарган. Сөөк чыккан үйдө алгачкы үч күн мал союуга, келгендерге тамак-аш берүүгө тыюу салуу каралган. Биздин агенттик тарабынан Жарлык жөнүндө калк ичинде сурамжылоо жүргүзүлгөн. Сурамжылоонун жыйынтыгында калктын басымдуу көпчүлүгү Жарлыкты колдоп, ысырапкорчулукка каршы экендиктерин белгилешкен. Мында ысырапкорчулукка баруунун негизги себептери катары: "куру намыс, эл көрсүн, атаандаштык, эл эмне дейт?" деген түшүнүктөр экени аныкталган. Негизинен бул маселе боюнча Улуттук Агенттик дин кызматкерлери менен тыгыз иштөөнү улантып келет.

**– Жогоруда жаңы диний билим берүүнүн бирдиктүү стандарты иштелип чыкканын белгиледиңиз. Аны менен катар жакында Токмок шаарында Ислам академиясы ачылды, бул окуу жай өз ишмердүүлүгүн кандай жүргүзөт?**

– Өлкөдө диний билим берүү жаатын тартиптештирүү иштери активдүү жүргүзүлүүдө. Анын алкагында Кыргызстандагы бардык диний билим берүү мекемелерине багытталган жаңы программа иштелип чыкты. Алгач жалпы орто билимге ээ болуп, андан кийин диний билим алууга өзгөчө басым коюлат. Аны менен катар жакында Президенттин Жарлыгынын негизинде Токмокто мамлекеттик Ислам академиясы ачылды. Академия Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин алдында ачылды. Бирок, Академиянын дин программасы, окуу адабияттары боюнча бардык маселелери биздин агенттик жана муфтият аркылуу ишке ашат. Бул иштер өлкөдө диний кызмат көрсөтүү, диний билимдин сапатын жогорулатууга багытталат. Ислам Академиясынын ачылышы – учурдун талабы болчу. Академиядан дин ишмерлери квалификациясын жогорулатууга мүмкүнчүлүк алышат. Билимдүү, гумандуу, жаңы көз караштагы диний кадрлар даярдалып чыгарына ишенебиз.

**– Ушу тапта болжолдуу түрдө чет өлкөлөрдө канча мекендешибиз диний багытта билим алып жатат?**

– Азыр 2000ден ашуун мекендешибиз чет өлкөдө диний багытта билим алууда. Жакында чет өлкөдөн дин жаатында билим алам деген жарандар үчүн жаңы талаптар кирди. Дин жаатында билим алууну каалагандар алгач, биздин агенттикке кат же онлайн түрүндө кайрылышат. Кайрылуусунун негизинде жаран тандаган окуу жай тууралуу маалыматтар такталат. Анткени Улуттук агенттиктин атайын базасында салттуу ислам багытындагы билим берген чет өлкөлүк окуу жайлардын тизмеси бар. Окуй турган окуу жайы тууралуу маалыматтар такталгандан кийин биз тараптан жаранга багыттама берилет. Мындай жаңы талаптардын киргизилиши, мекендештерибиздин коопсуздугун камсыздоого багытталат. Ушуга улай, Президент Садыр Жапаровдун тапшырмасы менен чет өлкөдө дин багытында билим алган жарандарга тиешелүү маалыматтарды аныктап, бул жаатындагы маселелерди чечүү багытында ведомство аралык комиссия түзүлдү. Аталган комиссия чет жерде диний билим алып жүрөн жарандар тушуккан маселелерди аныктоо ишин колго алмакчы.

**– Айрым жарандарыбыз кээде азгырыктардын курманы болуп, согуш болуп жаткан өлкөлөргө барып калууда. Мындан эки-үч жыл мурдараак Сирияга адашып баргандар көбүрөөк болгон. Учурда абал кандай?**

– Тиешелүү адистер менен биргеликте жарандарга түшүндүрүү иштери колго алынган. Тилекке каршы, интернет, соц. тармактар аркылуу туура эмес маалыматтарга азгырылып кеткендер кездешет. Мисалы, Сириядагы окуялар башталган алгачкы жылдары, бул өлкөгө азгырылып кеткендер көбүрөөк болгон. Учурда бул жаатта салыштырмалуу абал туруктуу. Бул маселеге мамлекетибиз олуттуу карап, согуш жүрүп жаткан аймактан көптөгөн мекендештерибиз кайтарылып келген. Кайтып келген жарандар реабилитациядан өтүп, кадимки жашоого аралашууда. Алар менен теолог, психологдор иш алып барышат. Мамлекеттик органдар арасында мындай иштердин алдын алууга багытталган бирдиктүү план бар. Анын алкагында кечиктирилгис чаралар көрүлүп келет. Экстремисттик, террористтик багыттагы маселелер боюнча укук коргоо органдары дыкат иштерди алып барышат.

**– Ал эми дин мыйзамдарында шайлоонун үгүт иштерине динди аралыштырбоо боюнча атайын беренелер бар эмеспи. Жакында өтүүчү парламенттик шайлоодо аталган беренелер иштейби?**


– Мыйзамдарда шайлоонун үгүт иштеринде диний логотип, диний терминдерди колдонууга бөгөт коюлган. Дин кызматкери саясатка бара турган болсо, дин жаатындагы ишмердигин тапшырып, 5 жылдан кийин гана катышууга укугу бар.

**– Коомдо орун алган зордук-зомбулуктардын алдын алууга үгүт, маалымат айтуу менен салым кошо алабызбы?**

– Зордук-зомбулук – бул коомдун негизги моралдык жана социалдык баалуулуктарына коркунуч келтирген олуттуу көйгөй. Бул көрүнүштү алдын алуу жана азайтуу – мыйзамдык, диний жана коомдук деңгээлде көп тараптуу аракетти талап кылат. Коомчулуктун аң-сезими, үй-бүлөнүн ички баалуулуктары, имамдар жана коомдук лидерлердин активдүү катышуусу — үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууда эффективдүү жолдордун бири болуп эсептелет. Диний кызматкерлер бул багытта алдын алуу иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүп, үй-бүлөлүк зомбулуктун кесепеттерин өз баяндарында, коомдук жыйындарда системалуу түрдө коомчулукка жеткирип келишет. Алардын маалымдоосу үй-бүлөлөрдө жана айыл-аймактарда аң-сезимди жогорулатып, коомчулукту зомбулукка каршы турууга үндөйт.

Азирети муфтий Абдулазиз кары ЗАКИРОВ:

## «БООРУКЕР БОЛУУ – ЭРДИК, МЭЭРИМДҮҮ БОЛУУ – БИЙИКТИК»



**Кыргызстандын муфтийи Абдулазиз Закиров коомчулукка кайрылып, эркектерди аялзатына урмат-сый көрсөтүүгө чакырды.** Муфтий "Алла Таала эр-азаматтарды күч, акыл, жоопкерчилик менен сынап койгон. Бул күчтү зулумдука эмес, боорукерликке жана коргоого жумшоо – чыныгы эрдик" экенин баса белгиледи.

«Ата катары – биз кыздарыбызды аруу сактап, уулдарыбызды адеп-ахлакка, ыйманга тарбиялап, үй-бүлөнү коргоп, балдарыбызга мээрим жана камкордук менен үлгү болууга милдеттүүбүз. Ата – үйдүн тиреги. Тирек бекем болсо, үй бекем болот. Ага катары – ар бир эр-азамат коомдогу кыз-келиндерге өз карындашындай аяр мамиле кылышы зарыл. Алардын абийирин, кадыр-баркын жана коопсуздугун коргоо – биздин мусулмандык жана инсандык парзыбыз. Ал эми ини катары – эже-карындаштарыбызга, апаларыбызга ар дайым жардамчы болуу, оорун колдон, жеңилин жерден алуу – бул биздин милдетибиз". деди Кыргызстандын муфтийи.

**Бетти даярдаган Мээрим Бактыбек кызы**



КЕЛЕЧЕККЕ КАМ КӨРӨЛҮ

## Психолог, психотерапевт Мээрим МУРАТАЛИЕВА:

# “КЫЛМЫШКЕРДИН ӨЗ ЖАЗАСЫН АЛЫШЫ КӨЗӨМӨЛГӨ АЛЫНСА...”

**17 жаштагы Айсулуунун кылмышкердин колунан мыкаачылык менен ажал табышы коомду дүрбөлөңгө салып, окуянын тергелишин Президент Садыр Жапаров өзү жеке көзөмөлүнө алды. Ошол эле учурда Мамлекет Башчысы Президенттик Администрациянын Укуктук камсыздоо башкармалыгынын башчысы Мурат Укушевге балдарга, кыз-келиндерге карата жасалган кылмыш үчүн жоопкерчиликти күчөтүүнү караган өзгөртүүлөрдү мыйзамдарга киргизүү боюнча иштөө тапшырмасын берди.  Ал ортодо Бишкекте үрөй учурган дагы бир кылмыш катталып, бир үйдө эки адам мыкаачылык менен өлтүрүлүп, кылмышка шектүү жаш жигит экендиги аныкталды. Биз бул окуялардан кийин психолог, психотерапевт, профайлер Мээрим Мураталиевага кайрылып, коомдогу агрессия жана зөөкүрлүктүн кайдан келип чыгаары тууралуу суроолорубузду узаттык.**

**- Мээрим, сиз психолог, психотерапевт катары эмне үчүн адамдар зөөкүрлүккө бараарын түшүндүрүп бере аласызбы? Илим зөөкүрлүк жөнүндө эмне дейт?**

- Секелек кызыбыз Айсулуунун зордук-зомбулук көрүп өлтүрүлүшү азыр баарыбыздын кабыргабызды кайыштырып турат. Эң өкүнүчтүүсү, мындай окуялардын кадимки көрүнүшкө айланып бара жатышы. Негизи эркек табиятынан күчтүү жана коргоочу, үй-бүлөнүн башчысы болот. Ал эми зөөкүрлүк эркектин табиятынан эмес. Бул психологиялык жарааттардан улам келип чыккан оору. Зөөкүрлүккө көбүнчө балалыкта ызы-чуу үй-бүлөдө жашаган, коом тарабынан кемсинтилип, абалына кыжырданып калган агрессиялуу адамдар барат. Алар өзүнөн алсыз адамдарга гана кол салышат. Зөөкүрлөр адатта коргоосуз балдарды, жаш кыздарды, же өзүнө баш ийген аялдарды тандап алып зордук-зомбулук көрсөтүшөт. Тилекке каршы, арабызда андай адамдар бар.

**- Психологдор, психотерапевтдер зөөкүрлүктү жоюу боюнча кандай сунуштарды беришет? Мисалы, өлүм жазасы кылмышкерлерди коркута алабы?**

- Ооба, коркутушу мүмкүн. Бирок, көйгөйдү өлүм жазасы чече албайт. Биз маселенин тамырына карашыбыз зарыл. Азыр балдарыбызга, эспүрүмдөргө мээрим, сүйүү бербесек, мындай окуялар кийин да улана бериши ыктымал. Эркектерди туура тарбиялоо маанилүү.  Алар аялга урмат көрсөтүүнү ички маданият катары көрүшү керек. Кыз баланы да туура тарбиялоо зарыл. Психологияда кыз бала өзүн кандай баалаÂса, кийин күйөөгө чыкканда, эне болгондо ошол баалуулукту үй-бүлөсүнө алып келе турганы айтылат. Эгер бала кезинен сүйүү, урмат, ишеним көрбөсө, чоңойгондо да өзүнө ишенбей, мамиле түзүүдө кыйналып калышы мүмкүн. Кыздын тарбиясы – бүтүндөй коомдун келечегине таасир этет. Анан да зордук-зомбулук болуп жаткан учурда ачык айтып чыгуу керек. Мамлекет өлүм жазасын киргизип койгону менен, коомдун жардамысыз маселе чечилбейт. Ата-энелер жасай турган биринчи кадам – үйдө балдардын көзүнчө урушуп-талашпоо.  Бала тынчтыкта, мээримге толгон үйдө чоңоюшу абзел. Бул анын кийин кандай инсан болоруна түздөн-түз таасир берет. Ал эми мамлекеттин мыйзамдардын сөзсүз түрдө аткарылышы, кылмышкер өз жазасын алышы көзөмөлгө алынса жакшы болот.  Биз ата-энелерге биринчи кезекте өзү менен иштөөнү сунуш кылабыз. Эгер бала тарбиялап жаткан ата-энеде маселе жок болсо, балдар үйдө жакшы тарбияланат. Жакшы тарбия, үй-бүлөдөгү тынчтык, жаркын келечегибизге жол  ачат деп түшүнсөк болот.

**- Кылмышка кандай адамдар барышат? Жакында Бишкекте дагы бир үрөй учурган кылмыш катталып, аны жаш эле жигит жасаганы аныкталды.**

- Психологияда кылмыш – жөн эле мыйзам бузуу эмес, ал адамдын ички жараатынын кыйкырыгы деп айтылат. Муну башта да айтып өттүм. Көпчүлүк кылмышкерлер бала кезде зордук, кордук же мээрим көрүшкөн эмес болушат. Чөйрөсүндө таасирлүү окуяларга же ар кандай коомдук терс көрүнүштөргө күбө болуп чоңоюшкан балдардан да кылмышкерлер чыгышы ыктымал. Алар жаман окуяларга күбө болуп, алардын таасиринен улам дүйнөнү коопсуз деп кабыл алышат жана өзүн коргоо үчүн күч колдонууга үйрөнүшөт. Психологияда муну эмпатиянын жоктугу (башка адамдардын сезимин түшүнбөйт), ачуусун башкара албай калуу (импульсивдүү, коомдук чектерди сыйлабайт) жана инстинкттин үстөмдүгү менен түшүндүрүшөт. Аларга көпчүлүк кезде социопатия, психопатия сыяктуу дагы башка диагноздор коюлушу мүмкүн. Бул көрүнүштөрдү, деги эле коомдо кылмыштуулукту азайтуу үчүн аларды жазалоо менен бирге жүрөктөрүндөгү жарааттарды айыктыруу керек. Кылмышка барган зөөкүр адамдардын калыптанышына үй-бүлө гана эмес, мектеп, достор, чөйрө, коом да таасир этет. Азыр агрессия күчөп кетти деп көп айтылууда. Агрессия адамдардын өз сезимдерин туура жеткире албагандыгынан, коомдогу басымдан улам күчөп жатат. Агрессиянын көбөйүнү – стресстен, жашоодогу кыйынчылыктан, үй-бүлө ичиндеги түшүнбөстүктөн улам болот. Соцтармактарда да зомбулук көп, өсүп келе жаткан жаштар ошону көрүп көнүп жатат. Адамдар сезимин туура  жеткире албай, ачуусун уруш аркылуу билдирип жатышат. Мындай абал чыңалууну жаратат. Биз тынчтыкты сүйүшүбүз керек.

---

КОҢГУРОО

**Акыркы эки жыл аралыгында өлкөдө энергетикалык суусундуктардын зыяндуулугу тууралуу маселе көп эле жолу көтөрүлүп, Жогорку Кеңеште мыйзам долбоору даярдалып, аларды жарнамалоого тыюу салуу чаралары колдонула баштаган. Бирок, көйгөй парламенттик трибунадан көтөрүлүп жатканда Кыргызстанда энергетикалык суусундуктардын организмге канчалык зыян экендигин аныктаган изилдөөлөр, статистикалык маалыматтар жок экени белгилүү болгон. Жакында бул мүчүлүштүк жоюлуп, изилдөөчү, медицина илиминин доктору М.М. Арстанбекова менен Р.Р. Тухватшиндин "Энергетикалык суусундуктар жана жаштардын ден соолугу" аталышындагы изилдөөсү ишке ашырылып, макала “Кыргызстандын саламаттыкты сактоо” журналына жарыяланды.**

# ЖАШТАРДЫН ДЕН СООЛУГУНА ИЗИЛДӨӨ ЖҮРГҮЗҮЛДҮ



Аталган изилдөө тилекке каршы жакшы жыйынтык берген эмес. Сурамжылоого И.Ахунбаев атындагы КММАнын медицина, педиатрия жана стоматология факультеттеринин 2-3-курстарынын 150 студенти катышкан. Анкета энергетикалык суусундуктарды колдонуунун жыштыгын жана себептерин, алардын ден-соолукка жана натыйжалуулугуна субъективдүү баа берүүнү, ошондой эле суусундуктардын курамын жана тобокелдиктерди билүүгө багытталган 31 суроону камтыган. Чогултулган маалыматтар IBM SPSS статистикалык программалык камсыздоосун колдонуу менен иштетилип, сандык талдоо жүргүзүлгөн.

Натыйжада жаштар арасында энергетикалык суусундуктарды колдонуунун кеңири таралганы аныкталган. Респонденттердин 60%га жакыны 450 мл суусундуктарды жактырышарын билдиришкен. Окумуштуулар бул 250 мл сунуш кылынган коопсуз дозадан ашат деп белгилешүүдө. Демек, бул ден соолук үчүн потенциалдуу коркунуч жаратат. Ошол эле учурда студенттердин 26%ы энергетикалык суусундуктардын курамында кофеин бар башка продуктулар менен айкалыштырууга уруксат беришерин ачык айтышкан. Бул – мисалы, энергетикалык суусундук ичкен студент тамеки да тартат дегенди билдирет. Ал эми студенттердин 48%ы үзгүлтүксүз энергетикалык суусундуктарды колдонушарын жашырышкан эмес. Айрым студенттер, алкоголдук ичимдиктерди үзгүлтүксүз ичишерин билдиришкен.

Анкетада берилген башка суроолор аркылуу ошол эле энергетикалык суусундуктарды ичип жүргөн жаштардын психоэмоционалдык абалынын начарлашы байкалган. Уйкусуздук, тынчсыздануу, кабыл алуунун төмөндөшү, кыжырдануу сыяктуу жаман адаттар пайда болгон. Изилдөөнүн жыйынтыгында энергетикалык суусундуктардын жаштардын ден соолугуна терс таасирин тийгизери жазылган. Андыктан, макаланын авторлору мындай жашоо образы келечекте жүрөк-кан тамыр ооруларына алып келип, нерв системаларына жана психоэмоционалдык абалга зыяндуу таасир этерин белгилеп, коңгуроо кагышкан. Мындан тышкары жаштардагы кант диабетинин күчөшү байкалганы да белгиленген.

Белгилей кетүүчү жагдай, суралган студенттер медициналык факультеттерде окуп, ден-соолуктун канчалык маанилүү экендигин билген жаштар болгондугунда.

Саламаттык сактоо министри Эркин Чечейбаев да бул көйгөй боюнча ушул жылдын июнь айында Жогорку Кеңештин фракциялык жыйындарынын биринде өз пикирин билдирген. Анда ал “энергетикалык суусундуктарга тыюу салуу менен көйгөй чечилбейт” деп айта коюп, коомчулуктун наразычылыгын жараткан. Көп өтпөй министрлик расмий жооп берип, энергетикалык суусундуктарды колдонууну жөнгө салуу боюнча комплекстүү мамилени ишке ашырып жатканын түшүндүрүп, актанган. Башкача айтканда министрлик “зыяндуу суусундуктарды сатууда салыкты жогорулатуу, сатууну катуу көзөмөлдөө сыяктуу чараларга басым жасоо керек” деп сунушун бергенин билдирген. Бирок, ага тыюу салуунун жактаган эмес.

Албетте азыр Кыргызстанда энергетикалык суусундуктарды жарнамалоого чектөөлөр бар. Бирок, алардын айрымдарына “Адал сертификаттары” берилип сунушталып жүрөт. Мисалы, Дания, Түркия, Норвегия, Уругвай, Исландия жана АКШнын кээ бир штаттарында энергетикалык суусундуктарды жашы жете электерге сатууга тыюу салынган. Орусияда 2025-жылдын 1-мартынан тарта 18 жашка чейинки балдарга энергетикалык суусундуктарды сатууга федералдык тыюу салуу, билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемелеринде аларды колдонууга чектөөлөр киргизилген. Эми Саламаттык сактоо министри Эркин Чечейбаев өзү редакторлук кылган “Кыргызстандын саламаттыкты сактоо” журналына жарыяланган биринчи изилдөө – биздин өлкөдөгү жагдайды да өзгөртөт деген ишеним бар. Же изилдөө, изилдөө бойдон эле калабы?

**Бетти даярдаган**
**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# "ЖЫЛДЫН МЫКТЫ МУГАЛИМИНЕ" 1 МЛН СОМ

***Мугалимдердин кесиптик майрамына карата Президенттин Ысык-Көл облусундагы өкүлү Бакытбек Жетигенов билим берүү тармагындагы мыкты педагогдорго акчалай сыйлыктарды тапшырды.***




Өкүлчүлүктөн маалымдашкандай, иш-чара мугалимдердин коомдогу ордун даңазалоо, алардын талыкпаган эмгегине баа берүү жана кесиптик мотивацияны күчөтүү максатын көздөйт.

**Сыйлыктардын өлчөмү:** баш байге – 1 млн сом; 1-орунга 3 мугалим, ар бирине 300 000 сом; 2-орунга 3 мугалим, ар бирине 200 000 сом; 3-орун 1 мугалим, 100 000 сом.

1 млн сомдук акчалай сыйлык Түп районундагы Качкын Үмүталиев атындагы мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Элзат Асановага ыйгарылды.

1-орунду ээлегендер: Чынасылова Айнура – Ысык-Көл районундагы А.С.Пушкин атындагы мектептин көркөм сүрөт мугалими, Кыдыров Асылбек – Түп районундагы Жакшылык Асаналиев атындагы мектептин дене тарбия мугалими, Урпалыев Кубанычбек – Тоң районундагы Муканбет Мамбетов атындагы мектептин музыка мугалими.

2-орунду алгандар: Талантова Айкерим – Түп районундагы Мукай Элебаев атындагы мектептин мугалими, Үмөтбекова Гулжан – Каракол шаарындагы №16 бала бакчанын тарбиячысы. Ал эми 3-орунду Ак-Суу районундагы Осмон Элебесов атындагы мектептин мугалими Самат Бектенов ээледи. Мындан тышкары дагы 9 мугалимге “Эмгек каармány” наамы тапшырылып, алардын көп жылдык эмгеги жана билим берүү тармагына кошкон салымы белгиленди.

Облус жетекчиси Бакытбек Жетигенов ар бир мугалимге ыраазычылык билдирип, алар билимдүү муун – күчтүү мамлекеттин пайдубалы экенин, мугалимдердин эмгеги өлкөнүн келечегине чоң салым болорун белгиледи.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

## КАМСЫЗДАНДЫРУУ РЫНОГУНУН КАТЫШУУЧУЛАРЫНА ЖАНА КАМСЫЗДАНДЫРУУ (КАЙРА КАМСЫЗДАНДЫРУУ) УЮМДАРЫН БАШКАРУУ БОЮНЧА УБАКТЫЛУУ АДМИНИСТРАЦИЯГА КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ТАЛАПТАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

«Камсыздандыруу жана камсыздандыруу иши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 82-беренесинин 3-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмунун кызмат адамдарына коюлуучу квалификациялык талаптар жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасындагы камсыздандыруу брокерлеринин иши жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык;

3) Кыргыз Республикасындагы актуардык иш жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык;

4) Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмдарын башкаруу боюнча убактылуу администрация жөнүндө жобо 4-тиркемеге ылайык;

5) Баалоочуларга, камсыздандыруу сюрвейерлерине жана аджастерлерге квалификациялык талаптар жөнүндө жобо 5-тиркемеге ылайык.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-ноябрындагы №712 «Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмдарын башкаруу боюнча убактылуу администрация жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 1-августундагы №525 «Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмунун кызмат адамдарына коюлуучу квалификациялык талаптар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-августандагы №485 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун 8, 9-пункттары;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-мартындагы №159 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 1-августундагы №525 «Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмунун кызмат адамдарына коюлуучу квалификациялык талаптар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө» токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-майындагы №239 «Кыргыз Республикасындагы камсыздандыруу брокерлеринин ишинин маселелери жөнүндө» токтому;

6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 2-июнундагы №293 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун 4-пункту;

7) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-июнундагы №321 «Кыргыз Республикасында актуарийлердин ишинин маселелери жөнүндө» токтому;

8) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-августундагы №456 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 1-августундагы №525 «Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмунун кызмат адамдарына коюлуучу квалификациялык талаптар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому;

9) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-сентябрындагы №477 «Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун 5-пункту;


10) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №305 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 1-августундагы №525 «Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмунун кызмат адамдарына коюлуучу квалификациялык талаптар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-октябры, №650***

Убакыттын сыры



# ЭМНЕ ҮЧҮН БИР СААТ 60 МҮНӨТ, БИР КҮН 24 СААТ?

***Адам баласы убакытты так өлчөөгө умтулганына миңдеген жылдар өттү. Бирок биз бүгүн колдонуп жүргөн саат, мүнөт жана секунд бөлүнүшү жөн эле техникалык эмес – бул адамзаттын эң байыркы цивилизациясынын акылына сиңген философиялык мурас катары айтылып келет. Шумерлер эмне үчүн 60 санын “идеалдуу сан” деп атап келген. Адамзат тарыхындагы алгачкы ири цивилизация – Шумер дооруна такалат. Алар мындан 5000 жыл мурда азыркы Ирак аймагында гүлдөп өнүккөн мамлекет болгону маалым. Убакыт жана астрономиялык эсептөөлөрдө шумерлер алты ондук (sexagesimal) системаны колдонушкан. Башкача айтканда, алардын негизги саны – 60 болгон. Эмне үчүн 40, 50 эмес, 60 болгон?.. деген суроо жаралат. Себеби, бул санды 1, 2, 3, 4, 5, 6, 10, 12, 15, 20 жана 30га так бөлүүгө болот. Ошондуктан 60 саны эң “универсалдуу” жана ыңгайлуу сан катары кабыл алынган. Шумерлер үчүн математика – жаратылыш мыйзамдарынын көркөм тили болгон. Алар асман телолорунун кыймылын байкап, асманды 60 бирдей бөлүккө бөлүшкөн. Бул бөлүнүү кийин убакытты эсептөөдө да колдонулган - деген маалыматтар бар.***

Бир сутка 24 саат, 1 саат 60 мүнөт, 1 мүнөт 60 секунд. Шумердик байкоолорду кийин вавилондуктар өркүндөтүп, алар асманды 12 негизги секторго, башкача айтканда азыркы зодиактык белги системасына бөлгөнүн жакшы билебиз. Ошондон улам “бир сутка – 12 саат жарык, 12 саат караңгы” деген түшүнүк жаралып, бүгүнкү 24 сааттык цикл калыптанган. Мындай бөлүнүү жаратылыш ритмине туура келгенин аныкташкан. Асмандагы ай бир жыл ичинде болжол менен 12 жолу чыгат, бир жыл 360° бурчтук кыймыл менен түшүндүрүлгөн, 6×60 = 360 – бул да шумерлер үчүн идеалдуу айлампа болгон. Ошентип, убакыттын бөлүнүшү асман кыймылы менен жаратылыш циклине шайкеш келип, миңдеген жылдар бою өзгөрүүсүз сакталып калган.

Ондук система – адамдын колунан чыккан жеңилдик. Кийинчерээк египеттиктер жана гректер эсептөөнү жеңилдетүү үчүн ондук системаны иштеп чыгышкан. Себеби, ондук система адамдын он манжасына ылайыкташкан. Бухгалтерия, соода жана эсеп жүргүзүүдө алты ондуктан көрө ондук ыкма ыңгайлуу болгондуктан, акырында бүт дүйнө ошол системага өткөн. Бирок убакыт, бурч жана геометрия сыяктуу тармактарда шумерлердин адамзатка калтырган мурасы сакталып келе жатат. Биз бүгүн да 1 саат = 60 мүнөт, 1 мүнөт = 60 секунд, айлана = 360° деп эсептейбиз. Бул – байыркы шумерлердин доорунан адамзатка калтырылган акылдын азыркы дүйнөдөгү эң туруктуу көрүнүшү.

Адамзат үчүн убакыт – байыркы мурас, түбөлүктүү түшүнүк. Шумерлер жер жүзүнөн жок болуп кетишкен, бирок алардын убакытты түшүнүү жолу бүгүнкү күнгө чейин жашап келе жатат. Биз колдонгон ар бир саат жана секунд алардын миңдеген жыл мурунку ойлоп табуусунун жыйынтыгы. Бул – адамзаттын бирдиктүү акылынын далили. Цивилизация алмашса да уламдан улам өркүндөп, өткөн доордун билимине таянуу эч качан токтогон эмес. Шумер цивилизациясы — адамзат тарыхындагы эң алгачкы шаардык маданияттардын бири болуп, болжол менен б.з.ч. 4000–2000-жылдар аралыгында гүлдөп жашаган. Бирок “жок болуп кетүү” дегенде алар бир заматта жоголуп кеткен эмес — тарыхый, саясий жана тилдик жактан акырындык менен башка элдерге сиңип кеткен. Шумерлердин гүлдөп өскөн мезгили б.з.ч. 3500–2300-жылдар деп айтылып келет. Шумер шаар-мамлекеттеринин өнүккөн доору Ур, Урук, Лагаш, Ниппур, Эриду сыяктуу шаарлар менен аныкталган. Бул мезгилде алар жазууну (кадам жазуу) ойлоп табышкан, астрономияны, математика жана мыйзам системасын негиздешкен.

Аккаддык басып алуу (б.з.ч. 2334–2154-ж.) Аккад падышасы Саргон Улуу шумер шаарларын бириктирип, Биринчи Аккад империясын түзгөн. Шумер тили акырындык менен аккад тилинин алдында экинчи орунга түшүп, бирок диний жана илимий тил катары жашай берген. Урдун Үчүнчү династиясы (б.з.ч. 2112–2004-ж.) жашап келген. Бул акыркы улуу “Шумер кайра жаралуу доору” деп аталган. Ур-Намму жана анын мураскери Шульги мыйзам, экономика, архитектурада зор өнүгүүнү жараткан. Бирок б.з.ч. 2004-жылы башка коңшу элдер Ур шаарын талкалашат. Жоголуу жана сиңип кетүү (б.з.ч. 2000–1700-жылдар) мезгили 5000 жыл мурда – Ур кулагандан кийин Шумер аймагын аморейлер (б.а. семит тектүү элдер) басып алган. Алар Вавилонду борбор кылып, жаңы мамлекет түзүшкөн. Шумер тили б.з.ч. 1800–1700-жылдары күнүмдүк турмушта колдонулбай калып, бирок ыйык тил катары дагы миң жылга чейин сакталганы айтылат.


**Даярдаган Бахпурбек АЛЕНОВ**

БИРИНЧИ БАЙЛЫК – ДЕН СООЛУК



**Максат КАМБАРОВ, "Эскулап" медициналык борборунун травмотолог-ортопед дарыгери:**

# "ОМУРТКА ООРУЛАРЫН ОПЕРАЦИЯСЫЗ АЙЫКТЫРУУ ЗАРЫЛ"



**– Максат Өмүралиевич, эмне себептен азыр балдардын ортопедиялык оорулары көп кездешүүдө?**

– Дарыгер катары мен адамдын сөөк муундары, булчуңдары, омурткасы сыяктуу ортопедиялык оорулары менен иш алып баргандыктан, бул суроо азыр абдан маанилүү жана актуалдуулугу күндөн күнгө артып бара жатат. Учурда омуртка ооруларынан сколиоз менен кифоз көп кездешет. Анын этиологиялык себептери да көп. Жаш балдардыкын карай турган болсок, буттун майтаманы же болбосо медицинада плосковальгусная установка деп айтылат. Бул жалпак вальгустуу тамандын сыртка карай бурулган абалы.

Сөөктүн нормадан четтеп, тамандын ички бөлүгү ылдый, сырткы бөлүгү жогору карап турат. Демек, бул диагноз балада же чоң кишиде тамандын түзүлүшүнүн бузулушу, тактап айтканда тамандын жалпак болуп, буттар ичке эмес, сыртка карап басуусу менен мүнөздөлөт. Мындай абал менен туура дарыланбаса, тизе, жамбаш жана бел муундарына ашыкча күч келет. Омуртканын формасы, булчуңдардын, тарамыштардын тең салмактуулугу бузулат. Натыйжада, таман туура иштебесе, ал жогору жагындагы муундарга компенсациялык кыймылдарды жаратат. Бул омурткадагы сколиоз сыяктуу ооруларга себеп болушу мүмкүн.

Белгилей кетсем, бир-эки жаштагы балдарда варус түрүндөгү буттар нормалдуу физиологиялык абал болуп эсептелет. Балдар жаңы басып жатканда, алардын бут түзүлүшү өзгөрүп, 3-4 жашка чейин түзөлүп кетиши ыктымал. Эгер бул абал 4–5 жаштан кийин да улана берсе, ортопедиялык текшерүү зарыл.

**– Бул эмнеден пайда болот?**

– Генетикалык өзгөчөлүктөрүн карай турган болсок, рахит же болбосо D витамининин жетишсиздиги, туулгандагы сөөк түзүлүшүнүн бузулуусунан улам пайда болушу мүмкүн.

Эгер бул абал жеңил формада болсо, адатта бала чоңойгон сайын өзү түзөлөт.

Буттун кыйшыктыгынын кесепетинен тизеде оорулар пайда болот. Бул жаш балдарда көп боло бербейт. Көбүнчө 12 жаштан 16 жашка чейинки өспүрүм куракта оору башталат да, сколиоз оңго же солго кыйшайып баштайт. Тубаса болсо, бала төрөлгөндө эле байкалат. Буттун түзүлүшүнө байланышкан варустук абал нормалдуу абалдан четтеп, адамдын бут сөөктөрүнүн же муундарынын туура эмес, ички тарапка карай кыйшайган абалы. Көбүнчө тизе, балтыр сөөктөрдө кездешет. Тизе муундары бири-биринен алыстап, балтырлар ичке карай ийилет.

Турганда баланын тизелери бири-бирине тийбей, буттун ортосунда боштук болгонун байкоого болот. Бул абал «О» формасына окшош. Мунун карамакаршысын вальгус деформациясы дейбиз. Сөөктүн же муундун туура эмес, сыртка карай кыйшайып кетүүсү. Мунун да себептери көп, тубаса болуп төрөлүшү мүмкүн. Жаракаттан, сөөктөрдүн өсүү учурунда туура эмес өнүгүшүнөн улам пайда болушу ыктымал.

Сколиоздун даражалары бар. Кайсыл бутунда кыйшыгы көп болсо, ошол жакка кыйшыйып баштайт. Бул буттун оңго же солго кыйшаюусунан келип чыгат. Тилекке каршы, мындай нерсени көпчүлүгү байкабай жүрө берет.

Ошондуктан, кичинекей кезинде балдарды дарыгердин профилактикалык кароосунан өткөрүү эң зарыл нерсе. Сколиоз көп учурда узак убакыт бою туура эмес, бир калыптагы абалды кармап жүрүү жана жашоо образына байланыштуу пайда болушу мүмкүн. Бул өзгөчө өспүрүм куракта жана өспүрүмдөн кийинки жаштар арасында көп кездешет.

Сколиоз баштапкы стадияда байкалбай калышы мүмкүн, бирок убакыттын өтүшү менен оору, дем алуу кыйынчылыктары, же эстетикалык көйгөйлөр жаралат. Ошондуктан, алдын алуу жана эрте байкоо өтө маанилүү.

Туура отуруу позасын сактоо, жумуш учурунда ар 30–60 мүнөттө ордундан туруп, дене көнүгүүлөрдү жасоо, физикалык активдүүлүктү көбөйтүү – сууда сүзүү, йога, дене тарбия, эки ийинге тең бирдей салмактагы жүктү көтөрүп жүрүүгө маани берүү керек. Дагы бир себеби, булчуңдардын алсыздыгынан – гипотониядан келип чыгат. Адамдардын сол колуна караганда оң колу көбүрөөк иштегендиктен, оң жак булчуңдар сол булчуңдарга караганда күчтүү келет. Оң кол көп иштеген сайын, сол колдун булчуңдары ого бетер алсыздана берет. Адамда булчуңдар 2 топко: астыңкы жана арткы болуп экиге бөлүнөт. Арткы булчуңдар астыңкыга караганда алсызырак келет. Оң колду канчалык көп иштеткен сайын арткы булчуңдар алсыздана берет. Же болбосо, сологой адамдар сол колун көп иштеткен сайын сол жак булчуңдар күчтөнө берет да, оң жагы алсызданып, кыйшаюу солду көздөй кете берет. Кыскасы, кыйшаюу күчтүү тарапка оойт. Анан бир жагына кыйшайып калганын байкаган ата-энелердин көпчүлүгү билип-билбей балдарын ар кандай машыгууларга берип башташат.

Туура эмес машыгуунун кесепетинен кыйшаюу ого бетер күчөйт. Негизи эле адамдар бир жак жамбашы менен көбүрөөк жатышат. Мындай учурда жаткан тарап алсыз болот. Ошондуктан оңго дагы, солго дагы бирдей жатып эс алуу керек. Бизде көбүнчө оң тарабы менен көп жатышат. Телевизор көрүп бир тарабы менен узак убакыт жатканда ошол тараптын булчуңдары бошоп кетиши мүмкүн.

**– Сколиоз менен ооругандарга корсет жардам береби?**

– Көпчүлүк ата-энелер сарсанаа болуп, баламды түздөшүм керек деп узак убакытка чейин, күнүнө 7-8 саат такыр чечтирбей корсет кийгизишкен бейтаптарды көргөм. Бул такыр туура эмес. Корсетти тагуунун өзүнүн убакты-сааты болот. Көпкө чейин чечпей тагып жүрүүнүн натыйжасында корсет булчуңдарды артка тартат да, булчуңдардын нормалдуу иштешине жолтоо болот. Жыйынтыгында оору күчөп, кифозго айланат. Кифоз бул – астыга бүкүрөйүп кетүү. Көбүнчө компьютерде көп олтуруп иштегендер, программисттер, тикмечилер узак убакытка чейин бирдей абалда олтуруп иштешет. Булчуңдар мындай узакка созулган абалды кармап калат да, натыйжада бул адамдар кифозго чалдыгышат. Ашпозчулар да кечке эңкейип жумуш кылып жүрө беришип, астыга бүкүрөйүп кетишет. Азыр жаш балдар компьютердик оюндарда, планшетте эңкейип көпкө олтурушат, анын кесепетинен жаш туруп эле кифоз менен көп ооруп жатышат. Негизи оорулар бир заматта эле боло калбайт. Кифоз дагы айлап, жылдап олтуруунун кесепетинен пайда болот. Булчуң бир абалда тура берсе, ошону кармап калат. Кифоз болгондон кийин көөдөн, көкүрөк клеткалар воронка сыяктуу деформация болуп, көкүрөк клеткалар ичине кирип баштайт. Мунун баары тубаса эмес, кийин пайда болгон нерселер. Көкүрөктүн оң жагы кирип баратса, сол жагы чыгып кетет.

**– Мындай деформациялардын түздөөгө болобу?**

– Деформация абдан күчтүү болуп кетпесе, ооруларды айыктырууда атайын тандап алынган дене көнүгүүлөрү (лфк) гана жардам берет. Бул тынымсыз машыгуу. Сууда сүзүү да эң жакшы жардам берет. Бирок, бул өтө көп убакытты талап кылат. Гимнастикага, сууда сүзүүгө бардым, бирок эч нерсеси жардам бербей жатат деп 1-2 ай барышат да, токтотуп коюшат. Бул туура эмес. 5 жылдан 10 жыл убакыт аралыгында пайда болгон оору 1-2 айда эле кете койбойт. Айыгып кетиш үчүн көбүрөөк убакыт талап кылынат. Жок дегенде бир жылдан ашык убакыт тынбай баруу керек. Керек болсо 2-3 жылдай барууга туура келет. **Жашыраак балдардыкы 1 жылдын ичинде түздөлүп кетиши мүмкүн.** Ал эми жашы улууларга көбүрөөк убакыт талап кылынат. Негизи баштапкы стадиядагы сколиоз көп адамдарда бар. Аны томографияга тартканда гана көрүнөт. Бирок, улуу адамдардагы бул баштапкы стадиядагы сколиоздор андай деле коркунучтуу эмес.

**– Улгайган адамдардын сөөгү катып калгандыктан, түздөлүшү да кыйын болсо керек?**

– Албетте түздөсө болот. Ал үчүн тынбаган машыгуу керек. Оору күчөп кетсе, атайын корсеттер бар. Аларды оорунун даражасына жараша кантип, канча убакыт тагыш керектиги көрсөтүлөт. Оору абдан күчөгөндө ошол тараптан грыжа чыгып баштайт. 1 сантиметрге жакындап калса, бутка берип, бут ток тарткандай болуп ооруйт. Бул учурда операция кылууга туура келет. Бирок, биз бул ооруларды акыркы учурда гана хирургиялык жол менен операция жасабасак, негизинен операциясыз айыктырганга аракет кылабыз. Алдын алабыз. Ар бир эле оорунун алдын алуу бардык жагынан жеңил болот. Негизинен кийин пайда болгон кифоз, сколиоздордун 90%ы операциясыз эле түздөлөт. Грыжа өтө чоңоюп кетпесе, аны алдырбай эле коюш керек. Себеби, булчуңдар толгон сайын грыжа ичине кирип баштайт. Грыжа булчуңдун алсыздыгынан чыгат. Булчуң алсыз болуп турганда, грыжаны операция жолу менен алдырып салса, ал кайра эле чыга берет. Андан көрө ден соолук үчүн булчуңдарды чыңдасак эле, грыжа өзүнөн өзү ичине кирип, айыгып кетет.

Биз алгач сколиоздун кайсыл даражада экендигин тартылган рентген сүрөтү боюнча аныктап, оорулуунун жаш өзгөчөлүгүнө, жашоо образына маани беребиз. Аял кишилерде эркектерге салыштырмалуу булчуңдар алсызыраак келет. Бирок, эркек кишилердин булчуңдары күчтүү болгону менен потологиия, кыйшайып кетүү да ошончолук жогору болот.

**– Бул оору эмнеге алып келет?**

– Сколиоз оорусу күчөй бере турган болсо, кабыргалар ооруй баштайт. Сол тарапка кыйшыйып кеткен болсо, сол жактагы кабыргалар, оң тарапка кыйшыйган болсо оң жактагы кабыргалар ооруйт. Нервдер кысылган сайын невралгия берип, кабыргалар оорутат. Адамдын кабыргасы ооруганда диференциация болуп, жүрөк ооругандай сезилет. Анан адамдар жүрөгүм ооруп жатат деп, жүрөгүн текшертишет. Жүрөк таза чыгат. Ар бир кабырганын астында нервдер бар. Арткы жактан кысылып баштайт. Анын кесепетинен нервдерде, кан тамырларда кан айлануу бузулат да, бара-бара олуттуу көйгөй жаралат.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АЙРЫМ ЖАРЛЫКТАРЫН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрындагы №377 "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө" Жарлыгы;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы №12 "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө" Жарлыгы.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-октябры, №280***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 3-МАРТЫНДАГЫ №115 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕНЕМ ЖАРАТУУ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРГА ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН АТКАРУУ ОРГАНДАРЫНА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарынын тизмесинде:

– 14-пункттун 2-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

**Бишкек ш., 2025-жылдын 6-октябры, №641**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЙИК ТООЛУУ ШАРТТАРЫНДА ЖАНА АЛЫСКЫ БАРУУГА КЫЙЫН ЗОНАЛАРЫНДА ТУРУКТУУ ЖАШАГАН КӨП БАЛАЛУУ ЭНЕЛЕРГЕ БИР ЖОЛКУ "БАЛА БЕРЕКЕ" ТӨЛӨМҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Калктын демографиялык өсүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу шарттарында жана алыскы барууга кыйын зоналарында туруктуу жашаган көп балалуу энелерди колдоо жана балдарды ар тараптуу өнүктүрүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу шарттарында жана алыскы барууга кыйын зоналарында туруктуу жашаган көп балалуу энелерге бир жолку "Бала Береке" төлөмүн берүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы №307 "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу тартиби жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө тартиби жөнүндө жободо:

– 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Ушул Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу тартиби жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө тартиби жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) бала төрөлгөндө бир жолку "балага сүйүнчү" төлөмүнөн, бир жолку "Бала Береке" төлөмүнөн тышкары, мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу жана аларды чектөө тартибин аныктайт, ошондой эле бала төрөлгөндө бир жолку "балага сүйүнчү" төлөмүнөн, бир жолку "Бала Береке" төлөмүнөн тышкары, Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылган адамдарга, ошондой эле "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык мамлекеттик жөлөкпулдарды чектелген адамдарга мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө үчүн документтердин тизмегин белгилейт.".

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу шарттарында жана алыскы барууга кыйын зоналарында туруктуу жашаган, 2026-жылдын 1-январынан тартып төртүнчү жана ар бир кийинки баласын төрөгөн көп балалуу энелерге (Кыргыз Республикасынын жарандарына жана кайрылмандарга) баласы бир жашка чыкканда берилүүчү бир жолку "Бала Береке" төлөмү жөнүндө үй-бүлөлөргө автоматташтырылган маалымат берүүнү киргизсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте республикалык бюджеттен бир жолку "Бала Береке" төлөмүн өз убагында төлөөгө акча каражаттарын бөлсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги бул токтомду ишке ашыруу үчүн зарыл болгон чараларды көрсүн.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

**Бишкек ш., 2025-жылдын 7-октябры, №642**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 13-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №473 "ТУРАК ЖАЙДЫ ӨРТТӨН ЖАНА ТАБИГЫЙ КЫРСЫКТАРДАН МИЛДЕТТҮҮ КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АКТЫЛАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-сентябрындагы №473 "Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндөгү актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу эрежелеринде:

– төмөнкүдөй мазмундагы $16^1$, $16^2$-пункттар менен толуктালсын:

"$16^1$. Камсыздандырылган турак жайга болгон менчик укугу камсыздандыруучудан башка жакка өткөн учурда турак жайды милдеттүү камсыздандыруу келишиминин (камсыздандыруу полисинин) колдонулушу анын колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин автоматтык түрдө жаңы укук ээсинде сакталат.

$16^2$. Турак жайдын жаңы укук ээси өз каалоосу боюнча турак жайды милдеттүү камсыздандыруу келишимин башка камсыздандыруучу менен түзүүгө укуктуу.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 7-октябры, №643***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 11-АПРЕЛИНДЕГИ №205 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУНУН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИНИН ТЕХНИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат**:

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 11-апрелиндеги №205 "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин техникалык өзгөчөлүгүн бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин техникалык өзгөчөлүгүндө:

– 1-глава төмөнкүдөй мазмундагы $5^1$-пункт менен толукталсын:

"$5^1$. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун учтугу ушул техникалык өзгөчөлүктүн 5-тиркемесинде көрсөтүлгөн талаптарга ылайык келүүгө тийиш.";

– бул токтомдун тиркемесине ылайык редакциядагы 5-тиркеме менен толукталсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 7-октябры, №644***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2021-ЖЫЛДЫН 1-МАРТЫНДАГЫ №66 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНАН МУНАЙДЫ ЖАНА МУНАЙ ПРОДУКТУЛАРЫН ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН БАЖЫ АЙМАГЫНЫН ЧЕГИНЕН ТЫШКАРЫ ТАШЫП ЧЫГУУГА (ЭКСПОРТТООГО) УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 47-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер **Кабинети токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 1-мартындагы №66 "Кыргыз Республикасынан мунайды жана мунай продуктуларын Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынын чегинен тышкары ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салуу жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пунктта:

– экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– мунайды кайра иштетүүчү ата мекендик заводдор тарабынан өндүрүлүүчү мазуттан жана жылытуучу отундан (ЕАЭБ ТЭИ ТН 2710 коду менен классификацияланууччу) тышкары, автомобиль жана темир жол транспорту менен мунайды (ЕАЭБ ТЭИ ТН 2709 коду менен классификацияланууччу) жана мунай продуктуларын (ЕАЭБ ТЭИ ТН 2710 коду менен классификацияланууччу).";

– үчүнчү абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

2) 3-пунктта "финансы" деген сөз "коммерция" деген сөзгө алмаштырылсын;

3) 5-пунктта "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 7-октябры, №645***

ТААСЫН ТАЛАНТ



## Арзыбек БЕДИЯРОВ, КР эл артисти:

# “ОБОН ДҮЙНӨСҮ АРБАП, МЕДИЦИНАЛЫК БИЛИМИМДИ УЛАНТПАЙ КАЛГАМ”

***КР эл артисти, белгилүү обончу жана аткаруучу Арзыбек Бедияров «Барам сага», «Кутмандуу жерим», «Кайра келчи», «Сезимде калды элесиң» жана башка эл арасына кеңири тараган бир катар обондуу ырлардын жаратуучусу. Кыргыз музыкасынын чолпон жылдызы, бул тармакта өзүнүн ат көтөргүс эмгеги бар Арзыбек ага өмүр бою элет жеринде жашап, эң мыкты обондорду жаратты. “Жаш кезимде кетсем болмок. Бишкекке барып иштеп, жашоого билимим жетиштүү болчу. Билим демекчи, кийинчерээк мен Бишкек шаарында – ал кезде Фрунзе болчу, Б.Бейшеналиева атындагы Искусство институтун бүтүргөм. Жок эле дегенде Ошко, Жалал-Абадга көчүп барып жашасам болмок. Бирок, андай кылгым келбеди. КРнын эмгек сиңирген артисти, Эл артисти, 3-даражадагы Манас ордени деген мыкты наамдарды мен дал ушул айылда жүрүп алдым. Мындан кийин деле Кызыл-Сеңирде жашап, кыргыз сүйүп уга турган жакшынакай ырларды жарата берем” – дейт Арзыбек ага.***

– **Арзыбек ага, сиз кесибиңиз боюнча фельдшер эмессизби, эмнеге медицина тармагын тандап алгансыз жана андан ары улантпадыңыз?**

– Мектепте окуп, ак-караны ажыратып, келечекке максат коюп, кыялданып жүргөн мезгилде көкүрөгүмдө врач болсом деген тилек пайда болду. Ошол эле учурда музыкага кызыгуум артып турган. Менимче музыка менен медицинага болгон кызыгуум бир эле убакта пайда болду. А бирок доктур болсом деген тилегим баары бир басымдуулук кылып туруп алды. Жаштайымдан оорунун азабын тартып, оору менен алышып чоңойгонумдан ушул кесипти тандап алсам керек. Жалал-Абад медициналык окуу жайын аяктап, Сузак районунда биздин айылдан 3-4 чакырым аралыкта облустук Карл Маркс атындагы мектеп-интернатына ишке киргем. Жатак мектептин медициналык пункту бар эле – ошол жердин башчысы, тарбиячысы жана музыка мугалими болуп жумушка орношком. Мен үчүн мектепте иштөө абдан кызыктуу болду. Мени кыргызга, эли-журтума тааныткан ырларым жаралды. Медицинаны улантсам болмок, бирок ал турмуштук жагдайга байланыштуу болуп калды. Окууну аяктаганда мен үй-бүлө куруп, 2 балалуу болуп калгам. Ошондой учурда мени чыгармачылык өзүнө көбүрөөк тартып кетти. Чыгармачылылык менен көбүрөөк алектендим. Обон жаздым. Алар элге тарап, эл оозуна алына баштады. Чыгармаларыма элдин кызыгуусу артты. Ошондон улам мен медициналык билимди андан ары улантпай калдым. Бирок ага эч кандай өкүнүү жок. Себеби, ал кесибимде да 18 жыл эмгектендим. Кандайдыр бир деңгээлде эли-журтума пайда келтирерлик иштерди жасадым.

– **Фрунзеге келип, 3 жыл катары менен Мединститутка тапшырып, өтпөй калып, баары бир медициналык билим алганыңызга караганда өжөрсүз го?**

– “Көздөгөн максатына умтулган адам, тагдырды багынтууга аргасыз кылат” дегендей, адам жашоодо өжөр болушу керек. Мен өжөрмүн, кандай максат же иш болсо, аткармайын жаным жай албайт. Өжөрлүктүн арты менен байбичем экөөбүз алты баланы ордуна койдук, Бардыгы жогорку билимдүү. Өз кесиптери менен  чоң жана жооптуу кызматтарда иштеп, элге кызмат кылышууда. Бизден алган тарбияны жашоодо колдонуп жатышат. Азыр эми неберелердин күлкүсүнө бөлөнүп, чөбөрөлөрүбүз жакшылыктан келсек чөнтөк аңтарышып, отчет алышат. Айтор ушундай сонун көз ирмем, камкордуктун үстүндө жашап жаткандыктан, ушул куракты “өмүрдүн гүлдөп турган багы”  деп кабылдап, өмүр кечирүүдөбүз.

– **Талант, өнөр – Жаратkandын пендесине болгон белеги экен. Сиз бул өнөрдү канчалык деңгээлде аздектеп, бага алдым деп ойлойсуз?**

– Ооба, Жараткан пендесине ар кандай белек тартуулайт экен. Өнөрдү бапестеп, камкордук көрүп, дайыма жаңылап турбасаң, соолуп бараткан суудай болуп, чоң дарыяга кошула албайт. Мен обончулукту кабыл алып, барктап, бапестеп келем. Өмүрүмдү чыгармачылыкка, обончулукка арнадым. Дагы да чарчадым дегенден алысмын, жаңы обондорду жаратып жатам. Көп чыгармачыл адамдарды баамдап, байкап жүрөм. Катуу чыгып келип, токтоп калышат. Эми бул ар кандай турмуштук шартка байланыштуу. Өнөргө жакшы камкордук көргөн, берилген белекти аздектей алган кишинин чыгармачылыгы өркүндөйт. Мен барктап, бапестеп өстүргөн өнөрүм азыр мени багып жатат. Мени элге таанытып, атак-даңк алып келди. Кудайга шүгүр, жогорку мамлекеттик сыйлыктарды алдым, ырларым ырдалып жатат.

– **Жигит кишинин жашоосу өзүнүкү болгону менен, өмүрү бүтүндөй элге арналат дешет. Анын сыңарындай  жашооңуздун жарым кылымдай убагын чыгармачылыкка арнаган киши катары айтсаңыз, чыгармачылыктан эмне таап, эмне жоготтуңуз?**

– Мезгил, өмүрдүн алкагы болот, аны туура пайдалана билиш керек. Анын сыңары мага берилген убакытты туура пайдаландым. Албетте чыгармачылыкка келгениме жарым кылымдан ашуун убакыт болду. “Учкашпа, учкашкандан кийин түшө качпа” деген сыяктуу кептер мени акылмандуулукка, көздөгөн багыттан артка кайтпоого, дайыма аракетчилдикке  тарбиялады. Чыгармачылыкта менин табылгам көп. 50 жыл деген бүтүндөй бир өмүр. Ошол жылдардын аралыгында муундан-муунга өтүп ырдалып кала турган обондорду жарата алдым. Азыркы мезгилде жаштар ырларымды кайрадан жаңыртып, шөкөттөп, элге тартуулап жатканы бул – муундан-муунга өтүп келе жаткандыгынын далили. Арзыбек деген ысым эл арасында айтылып жүрөт. Эл ичинде чоң кадыр-барк таптым. Булардын бардыгы мен үчүн табылга. Дагы да жакшынакай обондорду жаратам деген терең оптимисттик ой менен жашай берем.

– **Бир курдай эч жакка шашылбаган элет турмушун жактырарыңызды, ошондон улам айылда жашарыңызды айттыңыз эле. Анткен менен түйшүгү түгөнбөгөн айыл жашоосу чыгармачылыгыңызга кедергисин тийгизген жокпу?**

– Ооба, айыл турмушун жактырам. Ошол себептен Кызыл-Сеңиримден эч жакка кете албадым. Айылда жашап, айылда эле чыгармачылыгымды өнүктүрүп-өстүрүп бүтүндөй кыргызга ырларымды жеткирип, эл сүйгөн обондорду жараттым. Табиятыман карапайым мүнөздүү кишимин. Ошондой турмушту жакшы көрөм. Элет эли кандай турмуш кечирсе, мен да ошондой жашайм. Өзүмдүн жакшынакай бакчам, короо-жайым бар. Анда Тянь-Шань балатысы, ак кайың, карагай, павлония дарагы өсөт. Таң атаары менен тереземден токоюмду карап, көк шиберде басам. Өсүмдүк аттуунун баары өсөт. Баткен өрүгүнүн 2-3 сорту, алма, курма, жүзүм, жаңгак, кайналы, помидор, бадыраң, карагат, малина, кулпунай сыяктуу жер-жемиштерди карап, багуу менен алекмин. Айыл турмушу мага эргүү берет. Өз колумда өндүрүлгөн мөмө-жемиштерди ооз тийип, үзүп жегенден ушунчалык ырахаттанам. Аны сөз менен айтуу кыйын. Менде тыным деген болбойт. Эрте жаздан баштап ушулар менен алекмин. Андан сырткары Т.Тыныбеков атындагы облустук филармонияда, шаардык маданият үйүндө иштейм. Байбичем Патилла ушунча жыл менин ысыгыма күйүп, суугума тоңуп, жумуштан келсем жадырап-жайнап тосуп алат. Ал дагы дыйканчылыкты жактырат. Мен жок болсом бакчадагы жер-жемиштерди менден өткөрө карайт.

– **Бардык эле чыгармачылык адамдардай сизде деле кризис болуп турабы? Андай учурдан кантип чыгасыз?**

– Чыгармачылыкта албетте кризистер, дымып токтоп калуулар болот. Бирок, менде андай учур болгон жок. Себеби, мен обон жаратууга сараңыраак кишимин. Бир жылда эки гана обон жазам. Анын түйшүгү менен жүрүп, башка обон жаратпайм. Ал ырды ийине жеткире аткарып, бышырып, көркөмдөп-шөкөттөп, мыкты ырчыга бермейин жаным тынбайт. Ошол ыр ырдалып, эл арасында жашап калаарына көзүм жеткенден кийин, кийинки обонго өтөм. Мындай кишиде чыгармачылык кризис болбойт. Быйылкы жылда обон жаратпадым. Себеби, чыгармачылыкка келгениме 50 жыл болгондугуна карата “Өмүрдүн гүлдөп турган багындамын” деген ырлар жыйнагымды чыгардым. 28-майда Бишкекте, андан кийин Ош, Манас шаарларында отчеттук концертимди бердим.

– **“Күлгүн жаш” фольклордук тобуңуз нечендеген таланттуу улан-кыздарды тарбиялап, таптап чыгарган мектеп болду. Дегеле бул топ кандайча түзүлүп калган?**

– Медициналык окуу жайда иштеп жүргөндө заманбап топ түзүү ойлору келип, күчтүү музыканттардан ошол топ түзүлгөн. Туура айтасың, “Күлгүн жаштын” сахнасынан ондогон ырчыларды такшалтып, элге чыгардык. Алардын көч башында Кутман Жолдошев, Шахра Талипова, Токтомурат Осмоналиев, Базарбай Мадомаров, Гүлнара Өмүрзакова, Акылбек Куштаев, Анара Шайымкулова, Алтынай Эшбаева, Нуркан Койчуманова, Чынара Дооронова сыяктуу мыкты ырчылар турат. Алды Эл артисти, эмгек сиңирген артисти болуштu. Албетте, алар менен ага-инилик, чыгармачылык байланышыбыз үзүлгөн жок. Азыр да топтун уучу куру эмес. Аны түптөгөндөрдүн башында Базарбай Мадомаровдой мыкты, күчтүү музыкант, Мухтар Гаимов, Чынара Дооронова, Гүлзина Мамаева, Динара Тилекеевадай кыргызга таанылып калган жаш ырчылар азыр да “Күлгүн жаштын” арышын кеңейтишүүдө. Ошондой эле чыгармачылыктын чоң дайрасына талпынып турган улан-кыздарыбыз бар. Алсак, менин неберем Барсбек Арзыбеков, Айжамал Абдулкеримова, Айбийке Кудайбердиева сыяктуу келечектин мыкты ырчылары биздин курамда.



**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

КАЛЫС ПИКИР



**Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Карганбек САМАКОВ:**

# “ШАЙЛОО КУРЧ МҮНӨЗДӨГҮ ТАЛАПКЕРЛЕРДИН КҮРӨШҮНӨ АЙЛАНАТ”

***Парламенттин бир канча чакырылышына депутат болгон айтылуу Карганбек Садыкович менен алдыдагы парламенттик шайлоонун оош-кыйыш жагдайларын кеп кылдык. Мыйзам чыгаруу, эл өкүлдүк вазыйпаны аркалоо жагынан опол тоодой тажрыйба күткөн маектешим шайлоонун күңгөй-тескейин кызык маанайда ажыратып, талдады.***

**- Карганбек мырза, парламенттин тарашын айрым саясат талдоочулар ар кандай өңүттө, айрыкча, бийлик институттарынын тазаланышы катары сыпаттап жатышат. Сиз мындай пикирлер менен макулсузбу?**

- Жогорку Кеңештин депутаттарынын статусу жана парламенттин регламенти жөнүндө мыйзамына ылайык, депутаттардын өзүлөрүнүн кабыл алган чечимине ылайык, эл өкүлдөрү өзүн-өзү таркатуу чечимин кабыл алгандыгына байланыштуу атайылап токтом токуп, таркап кетишти. Мен ойлойм, биз парламенттин мындай чечимин туура кабылдашыбыз керек. Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу парламенттин мөөнөтүнөн мурда тарап кетишин жакында берген маегинде жеткиликтүү кылып чечмелеп берди. Ал эми айрым саясат талдоочулар сиз айткандай бийлик институттарынын тазаланышы деп жатпайбы. Мен мындай кадамды шайлоо жана референдум жөнүндөгү конституциялык мыйзамдардын өзгөрүлүп, жаңы форматта кабыл алынышына жараша бийлик структураларынын жаңыланышы деп сыпаттайт элем.

**- Алдыдагы шайлоо бүйүр кызыткан маанайда, курч мүнөздө өтөөрү болжолдонууда. Сиз күтүлүп жаткан аламан жарыш кандай нукта өтөт деп ойлойсуз? Бу саам өңчөй капчыктуу талапкерлердин кагылышы болуп кетпейби?..**

- Кыргызстандын эгемендүүлүк тарыхында мейли парламенттик, мейли президенттик шайлоо болсун такай эле курч мүнөздө өтүп келе жатпайбы. Бул шайлоо деле курч мүнөздөгү талапкерлердин күрөшү болот. Элибиз талапкерлердин баскан изин, баш терисин, программасын карап, табитине жараша татыктуу талапкерлерди тандап алышат деп ойлойм.

**- Дегеле алдыдагы парламенттик жарыш эгемендүүлүктүн 35 жылдыгындагы шайлоолордон эмнеси менен айырмаланат деп ойлойсуз?**

- Албетте, бул жолку күтүлүп жаткан шайлоонун айырмачылыктары бар. Мисален, мурунку 45,75 сандуу шайлоо округдарынан алдыдагы шайлоо кыйла башка болуп бекитилди. Тагыраагы, жалпы Кыргызстан боюнча 30 шайлоо округу болуп, биринчи жолу парламентке сөзсүз түрдө 30 округдан 30 айым депутат болуп келмей болду. Шайлоо күрөөсүнүн кепилдиги кайтарымсыз түрдөгү 300 миң сом болгондугу, ар бир талапкерге мыйзамдуу 1000 үгүтчүнүн бекилиши сыяктуу бир катар айырмалары болду.

**- Шайлоочуларыбыз бул сапар акчага, тааныш-билиш, өң-тааныштыкка алдырбай, айрым таасирдүү саясий күчтөр сүрөөнгө алган талапкерлерге ооп кетишпей, татыктууларды тандап алышат деп ишенесизби? Же элибиздин аң-сезими андайга жете элекпи?**

- Кыргызда “күлүктөн күлүк чыкса, төрт аягы тыбырайт” деген кеп бар. Талапкерлер бул жарышта мандайына жазылганын көрүшөт. Мандат бактысы да буюрганга буйруйт. Эл өзү татыктууларын тандап алышат деп ойлойм. Ал эми келе турган шайлоодо бардык талапкерлерге ийгилик каалаймын.

**Даярдаган Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ТАЛАНТ ЧЫЙЫРЫ

**Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Кундузбек СУЛАЙМАНОВ:**

# “СЫЙМЫКТЫН КОНЦЕРТИНДЕ КОКУСУНАН ЫРДАП КАЛДЫМ…”

***Өткөн апталардын биринде белгилүү саясий ишмер, кадимки Кундузбек Сулаймановдун сахнанын төрүндө аккордеондо кол ойнотуп, мукам үнү менен обон созгону интернет айдыңында жаңырып, көпчүлүк тарабынан жылуу колдоого алынууда. Кыска аралыкта он миңдеген көрүүчүлөрдүн арасында популярдуулукка ээ болгон ыры жана эл алдында кантип “эргип кеткени” тууралуу мурдагы эл өкүлүнө азын-оолак собол салдым.***

**- Кундуз мырза, ушу тапта интернет айдыңында сиздин аккордеондо кол ойнотуу менен кубулжута обон созгонуңуз кызуу талкуулар менен коштолууда. Токтогулдук туугандардын “итинен битине чейин” обон созоорун билебиз. Бирок, сиздин мынчалык деңгээлдеги өнөр ээси экениңизди көпчүлүк биле бербесе керек. Сиздин сахнанын төрүнө чыгып, мынчалык “эргип ийгениңизге” эмне түрткү болду? Же аламан жарышты утурлай жердештериңиздин алдында өзүңүздү пиар кылуунун бир амалы болдубу?**



- Кайдагы пиар? Кайдагы шайлоо? Ар жылы 9-сентябрь күнү Токтогулдук тоо булбулу Сыймык Бейшекеев туулган күнүнүн урматына жеке концертин берерин бүтүндөй журтубуз билбесе да, Токтогулдук жердештери жакшы билебиз. Быйылкы жылы өтүүчү концертине мага чакыруу жөнөткөн экен, чакырган жерден калбай жеңеңер менен майрамдык салтанатка барып калдым. Биз концертке барып, жайланышкан соң дал ошол убакта иш боюнча бирөөлөр менен жолугуш керек болуп калды. Жеңеңерди концерттин аягына дейре отуруп, эс ала берүүсүн, өзүм болсо сахна артынан Сыймыкка жолугуп, кете берүүгө камындым. Ошентип сахна артына Сыймык иниме барып, жагдайды түшүндүрсөм “Кундуз байке, 4 ырдан соң сизге сөз берет элем” деп күтө турушумду сурганганынан күтүп калдым. Ошентип Сыймыктын сураныччын таштап кете албай, күтүп калгыча атасына арналган төртүнчү ыры жаңырып калбаспы. Ата темасы менин да жүрөгүмдү жаралап, жан дүйнөмдү өйүгөн маселе. Анткени, 1975-жылдын 1-январь күнү мен 2-класс кезимде атам өтүп кеткен. Мен атанын жытына, мээримине тойбой өскөм. Сыймыктын концертинде дал ошол атасына арнаган ыры менин жан дүйнөмдү, жүрөгүмдү кайрадан козгоп туруп алды. Ошону менен сахнадан сөз алып, элге-журтка, туулган күн ээсине куттук кептерди арнап, кетүүгө кам уруп калсам Сыймык өзү “Кундуз байке, бир ырдап бериңизчи?” – деп калды.

**- Сиздин ырга болгон шыгыңызды Сыймык иниңиз мурда эле билчү беле?**

- Ооба, Сыймык экөөбүз мурда-кийин той-топурларда ырдай койчубуз. Башта айтканымдай, аныгында мен Сыймыктын концертине атайын ырдоо үчүн барган эмесмин. Эски күндөрдү эстеп, ырдашымды сурануу менен алдыма аккордеондон өйдө алдырып жаткан соң, калың элдин алдында ырдабаганга да болбойт эле. Ошентип Асанкалый Керимбаевдин “Көл бааны” деген биздин Кетмен-Төбөгө арнаган ырынын жаралуу тарыхын, мазмунун, кимге арналганынан өйдө алгач түшүндүрмө берип, залдагы элге алымдын жетишинче ырдап бердим. Мен үчүн эскирбеген, “карыбаган” бул ырды дайыма ырдап жүргөнүмө 35 жылга аяк басты. Болгону эле ошол. Ооба, бул ырды аткарган соң интернетте кызуу талкуулар менен коштолуп жатканын мага да балдар айтып жатышат. Бардыгына эл калыс болсун!

Майда, бирок маанилүү

## ТОКТОГУЛ ГЭСи РЕАБИЛИТАЦИЯЛАНДЫ

Токтогул ГЭСин реабилитациялоо жана модернизациялоо иштери 94% аяктады. Бул тууралуу Энергетика министрлигинен билдиришти. Маалыматка ылайык, ГЭСтин акыркы гидроагрегатын ноябрь айында ишке киргизүү үчүн учурда иштер тынымсыз жүрүп жатат. Бул жумуштар станциянын иштөө мөөнөтүн узартуу, кубаттуулугун 1 миң 200 МВттан 1 миң 440 МВтка чейин көбөйтүү, ошондой эле заманбап автоматташтырылган башкаруу системасын киргизүү максатын көздөйт.

## ИРИ КӨЧӨЛӨРДҮН АТАЛЫШТАРЫ ӨЗГӨРТҮЛӨТ

Тиешелүү токтом долбоору шаардык кеңештин сессиясында кабыл алынды. Эске салсак, буга чейин мэрия айрым көчөлөрдүн башынан аягына чейин бир эле ат менен аталсын деген сунуш киргизген. Мисалы, Лев Толстой жана Путепроводная көчөлөрүн Шабдан баатыр көчөсү деп өзгөртүү сунушталган. Ошондой эле азыр үч башка бөлүктөн турган Түштүк магистраль – Жайыл баатыр көчөсү, Масалиев проспекти жана Токомбаев көчөсү – толугу менен Жайыл баатыр проспекти деп атала турганы кабарланды.

## АК АЛТЫН ТОННАЛАП ЖЫЙНАЛУУДА

Базар-Коргон районунда пахта терүү кызуу жүрүп жатат. Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин маалыматы боюнча, эгилген 325 гектардын 302 гектарынан пахта жыйналып, 1177 тоннага жетти. Иш жергиликтүү тургундардын жана дыйкандардын катышуусунда жүргүзүлүүдө. Эске салсак, аталган райондо жип өндүрүүгө ылайыктуу пахтанын жогорку түшүмдүү сорту өстүрүлөт. Пахтанын орточо базар баасы килограммы 11 сомдон болуп, кайра иштетүүчү ишканаларга чийки зат ошол эле баада жеткирилүүдө.



**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

МИКке 10 ЖЫЛ

### «Мамлекеттик ипотекалык компания» ААКсынын калкты тейлөө башкармалыгынын жетекчиси Гүлзат ТОТУБАЕВА:

# “ӨЛКӨ БОЮНЧА 70 МИҢ ИПОТЕКАЛЫК БАТИРДИН КУРУЛУШУ КЫЗУУ ЖҮРҮҮДӨ”

***Ар бир өлкө үчүн жарандарын турак жай менен камсыз кылуу — бул эң башкы жана артыкчылыктуу милдеттердин бири. Бул милдет аткарылганда элдин туруктуулугу, коопсуздугу жана жашоого болгон ишеними дагы бекемделери талашсыз. Кыргыз Республикасы бүгүнкү күндө жарандарды жеткиликтүү жана ыңгайлуу турак жай менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясатты активдүү ишке ашырып келет. Бул жоопкерчиликтүү милдетти аткарып келе жаткан “Мамлекеттик ипотекалык компания” (МИК) ачык акционердик коомунун түзүлгөнүнө быйыл 10 жылдын жүзү болуп отурат. Буга байланыштуу, мамлекеттик турак жай саясатынын иш жүзүндөгү жыйынтыктары, компаниянын тарыхы, учурдагы ишмердүүлүгү тууралуу мекемемин Калкты тейлөө башкармалыгынын жетекчиси Гүлзат Тотубаева менен маектештик.***



**– Гүлзат айым, МИК быйыл 10 жылдыгын белгилеп жатат. Бирок коомчулук мекемени акыркы 3-4 жылда гана таанып-биле баштагандай...**

– Туура байкадыңыз. Акыркы жылдары МИК тууралуу билбеген кыргызстандык калбады десек болот. Бирок компания 2015-жылдын 15-июлунда Өкмөттүн токтомуна ылайык, болгону 10 млн сомдук уставдык капитал менен түзүлгөн. Бүгүнкү күндө бул сумма 87 млрд сомго чейин жетти. Муну менен МИК өлкөнүн мамлекеттик турак жай саясатынын борбордук институтуна жана ипотекалык насыялоо системасынын негизги механизмине айланды.

**– Ошондо мурдагы жана азыркы Мамлекеттик ипотекалык компаниясынын ортосунда кандай өзгөрүүлөр болду?**

– Бул суроого МИКте эле эмес, өлкөнүн мамлекеттик турак жай саясатында эбегейсиз өзгөрүүлөр орун алды деп жооп берсек туура болчудай. Учурда өлкө боюнча дээрлик 70 миң ипотекалык батирдин курулушу кызуу жүрүүдө. Мындай ири курулушту өлкө Совет доорунан бери көргөн эмес. Бул көрсөткүч башында бизге ишке ашкыс бир жомок эле чынында. Алгач мамлекеттик турак жай программасына ичи чыкпаган, ишеним артпагандардын көп болгону да мыйзам ченемдүү көрүнүш болчу. Себеби жөнөкөй каражаттын жетишсиздиги, МИК аркылуу ипотекалык насыя алган жарандардын санынын аздыгы. Дал ушуга байланыштуу өз кезегинде азыркы өлкө жетекчилигинин эң бир чечкиндүү жана тарыхый кадамга бел байлаган. МИК башында өзүңүздөр билгендей, өнөктөш-банктар аркылуу ипотекалык каржылоо берип келген. Ал эми 2022-жылдын аягынан тарта компания өз каражаттарын өлкө аймагы боюнча жеткиликтүү көп кабаттуу турак жайларды курууга жумшай баштаган. Ушул жерден сөзүбүз куру болбош үчүн сандарга кайрылып кетсек туура болчудай. Мамлекеттик турак жай программасы ушул күнгө чейин 3 жолу өзгөрүүгө учураса, биринчи “Арзан турак жай — 2015–2020” программасынын алкагында 5 миң 430 жаран, кийинки “Менин үйүм — 2021–2026” программасынын алкагында 4 миң 191 киши турак жайга каржылоо алышкан. Ал эми Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 17-июлундагы №191 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын “Менин үйүм” мамлекеттик программасы аркылуу дээрлик 4500 батир ээлерине берилди. Ошондо, эгерде МИК алгачкы өзү курган үйлөрүн 2024-жылдын акырында гана четинен куруп бүтө баштаганын эске алсак, бир жылга жетпеген убакытта ушунча сандагы батир турак жайга муктаж жарандарга берилгени, албетте, чеке жылытарлык натыйжа десек болот.

> **Эрк, чечкиндүүлүк, натыйжа:**
> **«МАМЛЕКЕТТИК ИПОТЕКАЛЫК КОМПАНИЯ» АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНА 10 ЖЫЛ**

**– Ал эми турак жай программасы сунуштаган шарттар боюнча 10 жыл аралыгында бул багытта кандай өзгөрүүлөр жана жеңилдиктер ишке ашырылды?**

– Албетте, жаңы түзүлгөндөгү МИКтин шарттары азыркыдан кыйла катаал эле. 10 жылдын ичинде компания ипотекалык насыялоонун үстөк пайыздарын 6-14%дан багыттарга жараша 4-8%га чейин түшүрүп, муну менен бирге ипотеканын мөөнөтүн 25 жылга чейин узарта алды. Кийин сатып алуу жолу менен ижарага берүү механизминин алкагында “Социалдык ипотека”, “Жеңилдетилген ипотека” багыттары боюнча ипотекалык батирлер 4% менен жана “Арзан ипотека” багыттары боюнча 8% менен алдын ала төлөмү жок берилүүдө.

> **Садыр ЖАПАРОВ:**
> **“АР БИР АДАМ ҮЙЛҮҮ БОЛСО ДЕП КЫЯЛДАНАМ, ҮЙЛҮҮ БОЛСОҢОР КУБАНАМ”**

Мындан сырткары, программага катыша ала турган жарандардын категориясы да кеңейтилип, көп балалуу үй-бүлөлөр, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар же алардын камкорчулары, жалгыз бой энелер, Баатыр энелер, айыл жергесинде эмгектенген жаш адистер жана алдын ала төлөм кылганга кудурети жеткен чет өлкөдө эмгектенип жүргөн мекендештер дагы кошулган. Мында “Үлүштүк турак жай” механизми жана ага көмөкчү “Топтомо ипотека” багытынын иштелип чыгышы турак жай программасынын жеткиликтүүлүгүн жогорулатып, расмий эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзбөгөн жана өзгөчө чет жерде иштеп жүргөн кыргызстандыктарга өз мекенинде арзан турак жайга ээ болууга жол ачты.

**– Ушул жерден окурмандарга түшүнүктүү болуш үчүн МИКтин кезегине турат элем деген жарандар кандай талаптарга жооп бериш керектигин кыскача айта кетсеңиз.**

– Башкысы, албетте, жаранда Кыргыз Республикасынын аймагында менчик турак жайы болбошу керек. Анткени, биздин башкы миссиябыз – турак жайга муктаждарды үйлүү кылуу. МИКтин кезегине туруп, алдын ала төлөмү жок турак жай алуу үчүн жарандарга төмөндөгү тандоо талаптары белгиленген:

- Жашы 18ден жогору болушу керек;
- Кеминде 2 жылдык жалпы эмгек стажы бир уюмда/ишкердикте акыркы 12 айлык үзгүлтүксүз иш стажы болушу керек;
- Катышуучунун өзүндө, жубайында жана жашы жете элек балдарында Кыргызстанда жеке турак жайы болбошу керек;
- Акыркы 3 жыл ичинде үйдү сатуу, белекке берүү сыяктуу жарандык-укуктук бүтүмдөр жасалбаган болушу зарыл. Ал эми алдын ала төлөм каралган “Үлүштүк турак жай” механизми боюнча жарандын эмгек стажына талап каралган эмес.

**– Курулуштун сапаты тууралуу да айтып берсеңиз...**

– Учурда буга чейин айтылгандай Мамлекеттик ипотекалык компания өлкөбүздүн бардык аймактары боюнча дээрлик 70 миң ипотекалык батирдин курулушун жүргүзүүдө. Алардын жалпы аянты 4 млн чарчы метрден ашып, басымдуу бөлүгү активдүү фазада турат. Белгилей кетсек, Өлкө башчысынын Жарлыгы жана мамлекеттик органдардын тапшырмаларына ылайык, жер тилкелери Мамлекеттик ипотекалык компаниянын балансына өткөрүлүп, турак жай курулуштарын ишке ашырууга багытталууда. Ошондой эле заман талаптарына ылайык, компания шаарларды реновациялоо программаларына да активдүү катыша баштады. Курулуштун сапаты боюнча айта турган болсок, бул маселе ар дайым биздин биринчи артыкчылык берилген багыт болуп саналат. Бардык объекттерди курууда эң жогорку сапаттагы материалдар колдонулуп, курулушта бардык техникалык, архитектуралык жана сейсмикалык коопсуздук талаптары катуу сакталып жатат. Турак жай объектилерин Мамлекеттик курулуш агенттиги, Президенттин Иш башкармасы жана компаниянын өзүнүн курулуш бөлүмү көзөмөлдөйт. Үйлөр монолиттик ыкмада курулуп, кошумча түрдө базалит менен жылууланып жана сырткы каптамасы жасалат. Биздин үйлөр 15-25 жылга ипотекага берилгендиктен, бул убакыт аралыгында МИКтин балансында турат. Демек, биз сапатка өзгөчө көңүл бурушубуз керек.

**– Кезектүүлүк тизмесинде, дегеле үйлөрдү бөлүштүрүүдө ачык-айкындык, калыстык маселеси кандай?**

– Мамлекеттик ипотекалык компания өз ишмердүүлүгүндө ачык-айкындуулук жана калыстык принцибин толук карманат. Турак жай программасынын катышуучуларынын кезектүүлүк тизмеси компаниянын расмий сайтында ачык жарыяланып, аны менен каалаган жаран керектүү учурда тааныша алат. Курулган батирлер турак жай программасынын катышуучуларынын кезектүүлүк тартибине ылайык гана берилет. Батирлерди бөлүштүрүүдө, дегеле кезек маселесине келгенде кандайдыр бир кыйыр схемалар же жылдыруулар болушу толук мүмкүн эмес.

**– Эми компаниянын алдыдагы пландары тууралуу учкай кеп кыла кетсеңиз?**

– Жакынкы келечекте Мамлекеттик ипотекалык компания өз алдынча каржылоого өтүүнү жана өлкөнүн турак жай фондун дагы да кеңейтүүнү максат кылууда. Бул болсо мамлекеттик бюджетке кошумча жүк келтирбестен, жарандарды турак жай менен камсыздоону туруктуу жана натыйжалуу жолго коюуга мүмкүнчүлүк берет. Жыйынтыктап айтканда, Мамлекеттик ипотекалык компания бүгүнкү күндө ырааттуу жана активдүү улуттук турак жай саясатынын үлгүсү боло алганы талашсыз. Кыргызстандын бул жааттагы аракеттерин Сингапур өлкөсүнүн турак жай саясаты менен салыштырууга болот деп эсептейм. Анткени, Сингапур өкмөтү калкты социалдык турак жай менен камсыз кылууну мамлекеттик деңгээлде чечкен. 1960-жылы Турак жайды өнүктүрүү кеңеши түзүлүп, калктын көпчүлүгү үчүн көп кабаттуу үйлөрдү куруп баштаган. Бүгүнкү күндө Сингапур мамлекетинин жарандарынын 80–90%ы дал ушул мекеме куруп берген батирлерде жашайт. Өкмөт ипотеканы жеңилдетилген шартта берип, жарандардын пенсиялык фондундагы топтомдорун турак жай алууга колдонууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Мындай ыкма менен Сингапур калкын дээрлик толук бойдон жеткиликтүү жана сапаттуу турак жай менен камсыздай алган. Максатыбыз – Сингапур өлкөсүнө окшоп турак жайга муктаж элибиздин бардыгын жеткиликтүү, арзан, башкысы – өз үйү менен камсыз кылуу менен өлкө жетекчилигинин жана элдин ишенимин актап, жарандарыбыздын социалдык абалын жогорулатууга эбегейсиз салым кошуу, биз бул үчүн тынымсыз аракет көрө бермекчибиз.

**Жазгүл КАРБОСОВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН СОКУЛУК РАЙОНУНУН КОЖОМКУЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙДЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГООНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун Кожомкул айыл аймагында индустриалдык-логистикалык борбор жана өнөр жай объекттерин куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн 6-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 14-августундагы №01-12/1396 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 25-июлундагы №01-14/41 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун Кожомкул айыл аймагындагы №207 контурда жайгашкан, Качкинбаева Алтынай Анарбековнанын менчигинде турган, жалпы аянты 15,0 га сугат айдоо жер тилкеси "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөөнү;

2) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

3) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

4) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоону эске алуу менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жаатындагы мыйзамдарына ылайык жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

5) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тийиштүү аймакта кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо боюнча колдонмону сактоону;

6) өздүк каражаттардын эсебинен аймактын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүгүүнү уюштурууну;

7) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык тарыхый-маданий мурас объекттерин күтүүнү жана коргоону, көрсөтүлгөн жер тилкесин казуу жана курулуш иштерин жүргүзүүдө археологиялык көзөмөл үчүн адис-археологду тартууну;

8) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аларды алып коюуну жана баштапкы абалга келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

9) "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолунун бөлүнгөн тилкесин сактоону;

10) жерди пайдалануучунун 3 жылдын ичинде өзүнүн зайымдык каражаттарынын жана инвестициянын эсебинен жерлердин башка түрлөрүн айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна киргизүү менен сугат айдоого өздөштүрүүсүн;

11) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана ченемдерди сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-октябры, №646***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОРГОО МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАЛАРДЫ КАЙРА УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик ишканалардын ишин оптималдаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 92, 93, 94-статьяларына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу "Аскердик соода башкармалыгы" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу "Кыргыз курал" жана "Аскер курулуш" мамлекеттик ишканаларын ага кошуу жолу менен кайра уюштурулсун.

**2.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу "Аскердик соода башкармалыгы" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу "Кыргызкоргоосервис" мамлекеттик ишканасы деп кайра аталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу "Кыргызкоргоосервис" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу "Аскердик соода башкармалыгы", "Кыргыз курал" жана "Аскер курулуш" мамлекеттик ишканаларынын укук улантуучусу болуп саналат деп белгиленсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу "Кыргызкоргоосервис" мамлекеттик ишканасынын уставы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №342 "Коргоо маселелерин тейлеген ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга караштуу мамлекеттик ишканалардын маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункттун 1, 4-пунктчалары, 2, 5-пункттары күчүн жоготту деп таанылсын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик менен биргеликте белгиленген тартипте:

1) кайра уюштурулуучу мамлекеттик ишканалардын өткөрүп берүү актыларын бекитсин;

2) жаңы түзүлгөн мамлекеттик ишкананы мамлекеттик кайра каттоодон өткөрсүн;

3) өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

4) ушул токтомдон келип чыгуучу башка зарыл чараларды көрсүн.

**7.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 30-июлундагы №486 "Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин алдындагы "Кыргызкурал" мамлекеттик ишканасын түзүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-сентябрындагы №600 "Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин алдындагы "Аскер курулуш" мамлекеттик ишканасы жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 25-ноябрындагы №639 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-сентябрындагы №600 "Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин алдындагы "Аскер курулуш" мамлекеттик ишканасын түзүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-апрелиндеги №217 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун14, 15-пункттары;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 2-октябрындагы №637 "Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу "Аскердик соода башкармалыгы" мамлекеттик ишканасынын уставын бекитүү жөнүндө" токтому;

6) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №400 "Коргоо маселелерин тейлеген ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга караштуу "Кыргыз курал" мамлекеттик ишканасынын маселелери жөнүндө" токтому.

**8.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**9.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-октябры, №648***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 10-ИЮНУНДАГЫ №301 "МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАЛАР, УСТАВДЫК КАПИТАЛДАГЫ КАТЫШУУ ҮЛҮШҮНҮН 50 ЖАНА АНДАН АШЫК ПАЙЫЗЫ МАМЛЕКЕТКЕ ТААНДЫК БОЛГОН ЧАРБАКЕР КООМДОР, АНЫН ИЧИНДЕ АЛАРДЫН ТУУНДУ ЧАРБАЛЫК КООМДОРУ ТАРАБЫНАН САТЫП АЛУУЛАРДЫ УЮШТУРУУНУН ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУНУН ТИПТҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Темир жолдорду курууга багытталган долбоорлорду ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинде:

– 57-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 21-пунктча менен толукталсын:

"21) темир жолдорду куруу боюнча үзгүлтүксүз ишти камсыз кылуу менен байланышкан товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-октябры, №647***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 10-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №63 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНТРОЛДОНУУЧУ ПРОДУКЦИЯЛАРЫНЫН УЛУТТУК КОНТРОЛДОО ТИЗМЕСИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Продукцияны контролдоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык - уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15, 17-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-февралындагы №63 "Кыргыз Республикасынын контролдонуучу продукцияларынын улуттук контролдоо тизмесин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген расмий тилдеги Кыргыз Республикасынын контролдонуучу продукцияларынын улуттук контролдоо тизмесинде:

"Список контролируемой продукции военного назначения, подлежащей экспортному контролю" деген 7-тизмеде:

– "Вооружение" деген 1-бөлүмдүн "Стрелковое оружие" чакан бөлүмүндө:

1.1.1-пункттун эскертүүсү төмөнкүдөй мазмундагы 5-пунктча менен толукталсын:

"5) указанные в пункте 2.22 Единого перечня товаров, к которым применяются меры нетарифного регулирования и ограничения в соответствии с международными договорами и актами, составляющими право Евразийского экономического союза.";

1.1.2-пункттун эскертүүсү төмөнкүдөй мазмундагы 5-пунктча менен толукталсын:

"5) служебное и гражданское оружие, его основные (составные) части, указанные в пункте 2.22 Единого перечня товаров, к которым применяются меры нетарифного регулирования и ограничения в соответствии с международными договорами и актами, составляющими право Евразийского экономического союза.";

1.1.9-пункт төмөнкүдөй мазмундагы эскертүү менен толукталсын:

"Примечание: Пункт 1.1.9 не распространяется на служебное и гражданское оружие, его основные (составные) части, указанные в пункте 2.22 Единого перечня товаров, к которым применяются меры нетарифного регулирования и ограничения в соответствии с международными договорами и актами, составляющими право Евразийского экономического союза.";

– "Боеприпасы" деген 2-бөлүмдө:

1-эскертүү төмөнкүдөй мазмундагы 5-пунктча менен толукталсын:

"5) патроны к служебному и гражданскому оружию, указанные в пункте 2.22 Единого перечня товаров, к которым применяются меры нетарифного регулирования и ограничения в соответствии с международными договорами и актами, составляющими право Евразийского экономического союза.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-октябры, №649***

## 2025-ЖЫЛДЫН 30-НОЯБРЫНА ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООНУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ МЕЗГИЛИНЕ 30 ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КУРАМДАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №272 Жарлыгына "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 12-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларын түзүүнүн, таркатуунун жана шайлоо комиссияларынын резервдерин түзүүнүн, жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилине 30 округдук шайлоо комиссияларынын курамдары тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-октябры, №90***

### №1 округдук шайлоо комиссиясынын курамы

**Дареги:** Раззаков шаары, Кошмуратова көч., 46, райондук мамлекеттик администрациясынын имараты
Тел.: (03656) 5-01-24

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Макамы |
|---|---|---|
| 1 | Бердиев Авазбек Турабаевич | Төрагасы |
| 2 | Жаназаков Санжарбек Маасыдыкович | катчысы |
| 3 | Мустапакулов Алишер Атамуратович | мүчөсү |
| 4 | Кулдашова Хаётхон Атабековна | мүчөсү |
| 5 | Умаркулов Нургазы Раимкулович | мүчөсү |
| 6 | Алимова Махабат Абытжановна | мүчөсү |
| 7 | Ибрагимов Заитбек Кубанычбекович | мүчөсү |
| 8 | Мустафаев Мырзабек Абдиллаевич | мүчөсү |
| 9 | Жалилова Айнура Абдибаитовна | мүчөсү |
| 10 | Абдиманап уулу Сунатилла | мүчөсү |
| 11 | Топчилова Ракыя Тухтаевна | мүчөсү |
| 12 | Маккамбаев Мунарбек Абдималикович | мүчөсү |
| 13 | Эшалиева Гулира Таштемировна | мүчөсү |
| 14 | Сотторов Руфат Исроилович | мүчөсү |
| 15 | Казакбаева Сапаргул Халботоевна | мүчөсү |

### №2 округдук шайлоо комиссиясынын курамы

**Дареги:** Кадамжай шаары, Орозбеков көч., 98, райондук мамлекеттик администрациясынын имараты
Тел.: (03655) 5-02-41

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Макамы |
|---|---|---|
| 1 | Омурзаков Тилек Рахманалиевич | Төрагасы |
| 2 | Сарыбаева Махабат Турдукуловна | катчысы |
| 3 | Туйбаева Гульбахар Камчиевна | мүчөсү |
| 4 | Эралиев Орозгуль Эралиевна | мүчөсү |
| 5 | Таштанов Эржигит Минажидинович | мүчөсү |
| 6 | Эгембердиева Шарапат Таштановна | мүчөсү |
| 7 | Имаралиева Назира Эрмековна | мүчөсү |
| 8 | Абдикалыкова Айпери Убайдиллаевна | мүчөсү |
| 9 | Артыкова Кундуз Шералиевна | мүчөсү |
| 10 | Жунусов Байыш Жуманалиевич | мүчөсү |
| 11 | Эрданаев Хошимжан Обидович | мүчөсү |
| 12 | Жоробаева Сайдагүл Манасовна | мүчөсү |
| 13 | Доблатов Кыялбек Каныбекович | мүчөсү |
| 14 | Базарбай уулу Соорбай | мүчөсү |
| 15 | Рахманова Гүлпариз Абджалиловна | мүчөсү |

### №3 округдук шайлоо комиссиясынын курамы

**Дареги:** Кызыл-Кыя шаары, А. Масалиев көч., 60, Кызыл-Кыя шаарынын мэриясынын имараты
Тел.: (03657) 5-00-06

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Макамы |
|---|---|---|
| 1 | Жусупова Эльмира Камиловна | Төрагасы |
| 2 | Тойчуева Чолпон Турдалиевна | катчысы |
| 3 | Абдикаримова Гулзада Орозбаевна | мүчөсү |
| 4 | Махмудов Аминжан Раимжанович | мүчөсү |
| 5 | Шамши уулу Сыражидин | мүчөсү |
| 6 | Абдукасымов Талантбек Мамазияевич | мүчөсү |
| 7 | Абдуллаева Кыздаркан Уктамовна | мүчөсү |
| 8 | Ысаков Нурмахамат Алтыбаевич | мүчөсү |
| 9 | Назарова Раушан Абытовна | мүчөсү |
| 10 | Азимбаев Өмүрбек Жолдошович | мүчөсү |
| 11 | Пахердинов Медетбек Ахунович | мүчөсү |
| 12 | Шамаева Келсинай Шараповна | мүчөсү |
| 13 | Омурзаков Таалайбек Тажибаевич | мүчөсү |
| 14 | Айтиев Гайвали Кимсанович | мүчөсү |
| 15 | Маматалиева Зуврахан Камчиевна | мүчөсү |

### №4 округдук шайлоо комиссиясынын курамы

**Дареги:** Ноокат шаары, Ленин көч., 7, райондук мамлекеттик администрациясынын имараты
Тел.: (03230) 5-11-41

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Макамы |
|---|---|---|
| 1 | Байдөөлөтов Абдисалам Пиратович | Төрагасы |
| 2 | Камалова Нургыз Гапаржановна | катчысы |
| 3 | Юлдашов Розали Турсуналиевич | мүчөсү |
| 4 | Алибаев Жоомарт Акылбекович | мүчөсү |
| 5 | Молдобаев Тынчтыкбек Абдыманапович | мүчөсү |
| 6 | Ошурбакиева Клара Нурахуновна | мүчөсү |
| 7 | Мамашерова Шарват Исираиловна | мүчөсү |
| 8 | Исраилова Сайрагүл Тиленовна | мүчөсү |
| 9 | Топчубаева Данакан Абдыраимовна | мүчөсү |
| 10 | Каимова Зарипахон Тожановна | мүчөсү |
| 11 | Сактанов Тагдырали Тажиевич | мүчөсү |
| 12 | Аманов Бактыяр Дүйшоевич | мүчөсү |
| 13 | Камбаров Заирбек Жаңыбаевич | мүчөсү |
| 14 | Пазылов Кубанычбек Турдубаевич | мүчөсү |
| 15 | Садирова Гүлмира Сайтбековна | мүчөсү |

### №5 округдук шайлоо комиссиясынын курамы

**Дареги:** Араван айылы, Ленин көч., 1, райондук мамлекеттик администрациясынын имараты
Тел.: (03231) 5-12-15

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Макамы |
|---|---|---|
| 1 | Халилова Абидахон Зунинивна | Төрагасы |
| 2 | Арапова Кызжибек Ашимовна | катчысы |
| 3 | Искандарова Шоирахон Гуламшеровна | мүчөсү |
| 4 | Абдраимова Айзат Сайпидиновна | мүчөсү |
| 5 | Октамова Жумагул Бакиевна | мүчөсү |
| 6 | Сайибжанов Талибжон | мүчөсү |
| 7 | Ганиев Фазилжон Адилжанович | мүчөсү |
| 8 | Осмонова Гулзада Таштемировна | мүчөсү |
| 9 | Мамасидик уулу Наврузбек | мүчөсү |
| 10 | Омурзаков Розибай Гайипович | мүчөсү |
| 11 | Жолдошев Бектур Мырзакулович | мүчөсү |
| 12 | Кудайбердиев Уланбек Шарабидинович | мүчөсү |
| 13 | Исмаилбек кызы Альбина | мүчөсү |
